**Аалым Ато ибн Халил Абу Рушта**

# ЭКОНОМИКАЛЫК КРИЗИС, АНЫН АКЫЙКАТЫ, АНЫ ИСЛАМ КӨЗ КАРАШЫ МЕНЕН ЧЕЧҮҮ

بِسْــمِ اللهِ الرَّحْمٰــنِ الرَّحِيــم

**Араб тилинде «азма» сөзү – кайрат менен катуу аракет кылынбаса чечүү кыйын болгон кризис деген мааниде колдонулат. «Иктисод» сөзү “касд” сөзүнөн алынган болуп, лугатта (лексикалык мааниси) “туура жолду тутуу” дегенди билдирет. О.э. ал беймаани сарптоонун тескериси болгон үнөмдүүлүк маанисин да түшүндүрөт. (Ушуну менен бирге, араб тилинде “экономика” термининин котормосу катары иштетилет). Экономика сөзү байыркы грек тилинен алынган болуп, «үй иштерин тартиптештирүү» деген маанини түшүндүрөт. Мында колунан иш келе турган үй-бүлө мүчөлөрү тамак-аш табуу жана кызмат көрсөтүүдө катышып, өздөрү тапкан нерседен баары пайдаланышат. Кийинчерээк адамдар үй-бүлө сөзүн кененирээк мааниде колдоно баштады жана бул сөздөн бир мамлекет өкүм жүргүзө турган коом түшүнүлө турган болуп калды.**

**Демек, бул жерде экономика сөзү лугавий мааниде эмес, тескерисинче, «малиявий иштерди тадбир кылуу» (б.а. финансылык иштерди башкаруу) деген терминдик мааниде колдонулат. Тадбир кылуу эки нерсе менен болот. Биринчиси, малды көбөйтүү жана анын бар болуп турушун камсыздоо менен болот. Бул жөнүндө экономика илими талкуу жүргүзөт. Экинчиси, малды бөлүштүрүү менен болот. Мында болсо экономикалык түзүм талкуу жүргүзөт.**

Ушуга ылайык, экономикалык кризис – мамлекеттин малиявий иштерди тадбир кылуусунда катуу туруксуздуктун жүзөгө келиши болуп, аны жоготуу жана абалды туруктуулукка кайтаруу үчүн катуу кайрат менен аракет кылуу зарыл болот. Экономикалык кризис дегенде малиявий иштердеги жөнөкөй иш-чаралар менен жоюу мүмкүн болгон жеңил бузулуу назарда тутулбайт. Мындай бузулуу адатта турмуштун ар кандай иштеринде учурап турат жана аны чечүүгө о.э. жол бериле турган белгилүү бир чегарага чейин кабыл алууга болот.

Туура мабда жана сак-саламат көз карашка негизделген мамлекетте жөнөкөй бир бузулуу жүз бергенде, бул бузулуу чоңойуп, кризиске айланганча бул мамлекеттин аны өз убагында чечпей тек тура бериши мүмкүн эмес. Тескерисинче, аны башталары менен дабалайт. Анткени, мында дабалоо жеңил болот.

Экономикалык кризис – мамлекеттин малиявий иштерди тадбир кылуусунда катуу тартипсиздиктин жүзөгө келиши экендигин билдик. Ошондуктан, алгач мамлекеттин – ар кандай мамлекеттин – өз малиявий иштерин кантип тартиптештирүүсү менен таанышып чыгышыбыз керек.

Ошондон кийин бул иштерде кризистер жүз беришинин ыктымалдарын, андан кийин аларды кантип дабалоо керектигин баян кылабыз. Муну түшүнүп жетүү үчүн төмөнкү маанилүү болгон эки факторду жана бул эки фактордун ар кандай мамлекеттин экономикалык абалына болгон таасирин үйрөнүп чыгуу зарыл болот:

1) Мал айырбаштоо бирдиги т.а. акча.
2) Төлөмдөр балансы.

**<u>Биринчи фактор</u>: Акча**

Акча мамилеси өткөн кылымдарда маъдан (металл) негизинде болгон. Т.а. акча – «<u>өкмөт тарабынан басып чыгылган (зарб) жана мөөрлөнгөн, өз ара жалпы айырбаштоодо иштетиле турган кымбат баалуу маъдандын бөлүгү</u>» деген маанини түшүндүрөт эле.

Ошол кылымдарда акча катары таанымал болгон кымбат баалуу маъдан алтын жана күмүш болчу. Кийин он тогузунчу кылымдын аяктарында күмүшкө болгон таянуу азайды. Себеби, күмүш өзүнүн акча катары күчүн жоготту жана мамиледеги акча түзүмү алтын болуп калды. Алтын эреже негизиндеги бул акча мамилеси он тогузунчу кылымдын аягы жана жыйырманчы кылымдын баштарында айрым кагаз акчалар пайда болгонго чейин уланды. Бул кагаз акчалар бетине жазып коюлган кыйматта алтын акчанын ордун басат эле т.а. адам кагаз акчаны каалаган убакта алтынга алмаштырып алышы мүмкүн эле.

Алтын эреже негизиндеги акча мамилеси биринчи дүйнөлүк согушка чейин уланды. Бул мезгилге келип согушуп жаткан мамлекеттер муну токтотууга мажбур болушту жана согуш шарты себептүү кагаз акча басып чыгарышты. Алтын эреже түзүмү боюнча, кагаз акчалар алтынга алмаштырылып берилиши керек эле. Бирок, бул мезгилге келип, борбордук банктарга мындай милдет жүктөлбөй турган болду.

Согуш бүткөндөн кийин, дүйнө мамлекеттери 1922-жылы Женева конференциясына чогулушуп, алтын акча түзүмүнө кайтууга токтом кылышты. Буга айрым түзөтүүлөрдү киргизүү менен кайта турган болушту. Анткени, акча алтынга байлап коюлду. Бирок, жеке адамдардын кагаз акчаларды алтынга алмаштырышы жеңил болбой турган болду. Эң аз салмак катары салмагы белгилеп коюлган алтындан белгилүү бир кыйматка гана алмаштырыла турган болду. Кимде-ким борбордук банктан алтын алмакчы болсо, эң аз кыйматка т.а. белгилүү бир оордуктагы алтын жамбыга (слитка) алмаштыра турган болду. Себеби, банк өзүнүн алтын запасын эң аз болгон белгилүү бир оордуктагы алтын жамбы көрүнүшүндө сактай турган болду. Мисалы, Франциядагы эң аз көлөм 12 кг. салмакта болуп, анын наркы 215 миң франк эле. Бул болсо, өтө чоң көлөм. Ошондуктан жалаң тышкы соодада гана иштетиле турган болуп калган өтө чоң көлөмдөгү кагаз акчага ээ болгон адамдардын гана күчү жете турган алтынга ээ болууга жеке адамдардын кудурети жетпей турган болуп калды.

Бирок, алтын түзүмүнө кайтууга урунуу 1929-жылдагы «улуу депрессия» себептүү узакка созулбады. Бул убакка келип акциялардын баасы түшүп кетип, акционерлер өз акцияларынан тезирээк кутулууга киришүүлөрү натыйжасында, кагаз акчага болгон талап кескин күчөп кетти. Бул болсо, өз кезегинде, кагаз акчаларды алтынга алмаштырууга катуу таасирин тийгизди. Дүйнөнүн бардык мамлекеттери алтынды өз кагаз акчаларына алмаштырууну токтотуп коюшту жана акчаны алтынга алмаштырбастан, кагаз акчалардын мамиледе жүрүүсүн мажбурдуу кылып коюуга коюуга токтом кылышты. Биринчи болуп муну 1931-жылы Британия, 1933-жылы Америка, 1936-жылы Франция күчүнө киргизди. Андан кийин калган мамлекеттер да ушундай кылышты. Акча мамилеси экинчи дүйнөлүк согуштун аягына чейин туруксуз болуп кала берди.

Согуш аяктагандан кийин, 1944-жылы 22-июлда бир нече мамлекеттер АКШда Бреттон Вудз конференциясына чогулушуп, акчаны кайрадан алтынга байлоого токтом кабыл алышты. Бирок, бул жолу мурункусунан башкача боло турган болду.

Бул конференциянын эң көрүнүктүү токтомдору төмөнкүлөр болду:

1 – Мүчө мамлекеттерге өз акчасын дагы кайрадан алтынга байлоо шарт кылып коюлду т.а. ар бир мамлекет өз акча бирдигинин таза алтындан белгилүү бир салмагын белгилеп коё турган болду. Бирок, жеке адамдарга жана кагаз акча ордуна алтын берүүнү борбордук банктан талап кыла турган ар кандай уюмга эркин алмаштыруу укугу берилбей турган болду. Бирок, чет элдик фонддорго карата доллар гана алтынга алмаштырып бериле турган болду. Мунун себеби төмөнкү эки нерсе болчу:

<u>Биринчи</u>: Америка экинчи дүйнөлүк согуштан дүйнөдөгү эң чоң алтын запасына ээ болуп чыкты. Ошондо алтындын көлөмү 38 миллиард доллар деп бааланды. Андан Америкада 25 миллиарды т.а. дүйнөдөгү алтындын үчтөн эки бөлүгү бар эле.

<u>Экинчи</u>: Буга Американын дүйнө үстүнөн саясий жана экономикалык жактан өкүмдар болуу каалоосу себеп болду. Себеби, мамлекеттер өзүнүн бүт болгон акча запасын алтын менен эмес, балким, Америкада басып чыгарылган кагаз акча т.а. доллар менен сактоого мажбур боло турган болду. Америка талап кылынган убакта бул кагаз акчаларды алтынга алмаштырып берүү милдетин мойнуна ала турган болду. Бул болсо, өз банктарында алтындын ордуна америка кагаз акчасын запас кылып сактай турган башка мамлекеттерди Америка менен белгилүү бир саясий жана экономикалык мамилелерди сактап турууга мажбур кылып койду. Алар Америка кагаз акчасынын алтынга алмаштыруу наркы туруктуу турушун кепилдөө үчүн ушуга мажбур эле. Америка доллардын алтынга алмаштырып берүү курсун бир унция алтынга 35 доллар кылып белгилеп койду.

Бреттон Вудз түзүмү «алтынга алмаштырып берүү түзүмү» деп аталды. Себеби, бул түзүм боюнча мамлекеттердин өз фонддорунда алтынга

алмаштырса боло турган кагаз акчаны т.а. долларды сактоосу белгилеп коюлду. Талап кылынган убакта Америка тарабынан белгиленген баада доллар алтынга алмаштырып бериле турган болду. Фунт стерлинг да кандайдыр бир даражада алмаштырууга жарактуу болуп турду. Бирок, мындай абал көпкө созулбады.

2 – Мүчө мамлекеттерге өз акчасынын алмашылуу курсун туруктуу кармап туруусу шарт кылып коюлду. Бул ушул мамлекеттер жолго коё турган белгилүү бир саясаттар аркылуу ишке ашырыла турган болду. Бул саясаттардын алтындан жана алтынга алмаштырууга жарактуу болгон доллардан турган каптоо (камсыздоо) менен барабар болуусу шарт эле. Конференцияда бул нарктын 1% чегарада термелип туруусуна уруксат берилди. Болбосо, мамлекеттер аны өз абалына кайтаруу үчүн аралаша турган болду.

3 – Конференция төмөнкү эки эл аралык уюмду түзүүгө токтом кылды:

<u>Биринчи</u>: Эл аралык валюта фонду. Бул валюта фондунун эң көрүнүктүү максаты эл аралык акча туруктуулугун камсыздоо, алмашылуу курсунун туруктуулугун камсыздоо жана мүчө мамлекеттердин өзү кошкон үлүштөрүнө карай ушул фонддун каражатынан беймарал алуусун камсыздоого аракет кылуу. Фонд мүчө мамлекеттерге алардын төлөмдөр балансындагы бузулуу көлөмүн кыскартууга жардам берүү үчүн өзүндөгү каражаттардан берет.

Бул фонд анын токтомдоруна Америка кожоюн боло турган көрүнүштө түзүлдү. Себеби, алар мүчө мамлекеттердин канча добушка ээ болуусун ушул фондго кошо турган салымдарына байланыштуу кылып коюшту. Себеби, Америка эң чоң салым (27,2%) кошкону себептүү, бул фонддун токтомдору Американын каалоосу боюнча чыгарыла турган токтомдор болот.

<u>Экинчи</u>: Дүйнөлүк реконструкциялоо банкы. Ага мүчө болууга эл аралык валюта фондуна мүчө болгон мамлекеттер гана укуктуу. Анын эң көрүнүктүү максаты: Согуш ойрон кылган нерселерди кайрадан тикелөө, экономикалык жактан артта калган мамлекеттерге жардам берүү, карыздарды жана гранттарды берүү. Анда да канча добушка ээ болууну валюта фондундагы сыяктуу кылып коюшту. Т.а. анда да Американын өкүмдарлыгы камсыздалат.

Бреттон Вудз конференциясынын эң көрүнүктүү токтомдору мына ушулар. Бул конференция алтынга алмаштыруу түзүмүн тастыктады. Бул түзүм боюнча мамиле жүргүзүү Америка 1971-жылы 15-августтагы белгилүү токтому менен аны бүтүндөй бекер кылганга чейин уланды. Ошол токтом боюнча доллардын алтынга алмаштырылуусу бекер кылынды.

Ошондон кийин акча номинал негизде (бетине жазылган баасы негизинде) иштетиле турган болду. Жана ага «көрүнүшүнө жана сортуна карабастан, мыйзам себептүү финансылык айырбаштоонун жалпы

каражаты болуп кала турган ар кандай каражат» деген аныктама берилди. Арийне, мамиледе жүрүшү мажбурий кылып коюлган кагаз акчалар мамиледе жүрө турган болду. Алардын кыйматы мамлекеттин мыйзамы менен белгилене турган болду. Алардын кыйматынын көтөрүлүүсү же түшүүсү мамлекеттин экономикасына, саясатына жана бул жаатта ишке ашыра турган иш-чараларына, мисалы, өз соода балансын жана төлөмдөр балансын башкарууга жана ушуга байланыштуу башка иштерге карай болот.

**<u>Экинчи фактор</u>: Төлөмдөр балансы**

Ал иштердин табиятына карабастан, белгилүү бир убакыттын ичинде бир мамлекет менен башка мамлекеттер ортосунда ишке ашырылган бардык төлөмдөрдүн жалпы эсеп-китеби.

Баланс төмөнкү эки тараптан жүзөгө келет:

Биринчи тарап (кредитор т.а. карыз берүүчү) – кирешелер – бул тарап (азыркы экономикалык түзүмдөр боюнча) төмөнкүлөрдөн турат:

1 – Назарда тутулган экспорттор (Буга чет элге экспорт кылынган бардык товарлар кирет).

2 – Назарда тутулбаган экспорт малдары. (Буга туруктуу жашап калган чет элдиктерге же саякатчыларга сатыла турган товарлар жана аларга көрсөтүлө турган кызматтар; мамлекеттеги чет элдик дипломатиялык корпустар сатып ала турган нерселер; чет элдик жолоочулардын жол каражаттары же аларга акчасы борбору мамлекетте жайгашкан компанияларга төлөнө турган товарларды жеткирип берүү каражаттары; фильмдер, телеграф, телефон кирешелери; администрация, илим, өнөржай тармагындагы сыйлыктар; чет элдик жарандардын жергиликтүү компанияларга төлөй турган камсыздандыруу төлөмдөрү; жарандарга чет элдик компаниялар тарабынан төлөнө турган компенсациялар; мамлекетибиздеги чет элдик студенттердин сарптоолорунан түшкөн каражаттар жана ушуга окшогондор кирет).

3 – Чет элден бериле турган карыздар т.а. мамлекетке башка мамлекеттер бере турган карыздар.

4 – Чет элдик пайда жана түшүмдөр т.а. мамлекетке башка мамлекет бере турган пайда жана түшүмдөр.

5 – Мамлекет же анын жарандары башка мамлекеттер жана алардын жарандарынан ала турган тартуу-белектер.

Экинчи тарап (дебитор т.а. карыз алуучу) – төлөмдөр – анын эң көрүнүктүү бөлүктөрү төмөнкүлөр:

1 – Назарда тутулган импорттор. (Буга чет элден алып келинген бардык импорт товарлары кирет).

2 – Назарда тутулбаган импорттор. (Буга мамлекеттин чет элде убактылуу жашап жаткан жарандарына же саякатчы жарандарына сатып алына турган товарлар жана көрсөтүлө турган кызматтар; чет элдик транспорттук компаниялар тарабынан мамлекеттин чет мамлекеттеги

жарандарына бериле турган транспорт каражаттары жана аларга товарларды жеткирип берүү каражаттары; чет мамлекетте таалим алып жаткан студенттердин сарп каражаттары; мамлекеттин дипломатиялык корпустары ортомчулугунда чет элдиктерден товар жана кызматтарды сатып алуу; фильмдер, телеграф, почта, телефон чыгашалары, чет элдик компанияларды камсыздандыруу сыйлыктары, улуттук компаниялар тарабынан чет элдиктерге бериле турган компенсациялар жана ушуга окшогондор кирет).

3 – Чет мамлекетке бериле турган карыздар.

4 – Чет мамлекетке бериле турган пайдалар.

5 – Чет мамлекетке бериле турган тартуу-белектер жана жардамдар.

Төлөмдөр балансы мамлекеттен башка мамлекеттерге карай акчалардын чыныгы кыймылын көрсөтөт жана эч кандай абалда чет мамлекеттен мамлекетке бериле турган жана мамлекет бериши керек болгон нерселердин бардык кыйматын көргөзбөйт.

Белгилүү бир жыл үчүн назарда тутулган экспорттор жана назарда тутулган импорттор балансы – соода балансы деп аталат. Назарда тутулган жана тутулбаган экспорт малдары о.э. назарда тутулган жана тутулбаган импорт малдары болсо – төлөмдөр балансындагы иш жүзүндөгү операциялар деп аталат.

Соода балансы – т.а. экспорт жана импорттор бөлүгү – мейли мына ушул бөлүктөрдүн эң маанилүүсү болуп, көптөгөн абалдарда жалпы сумманын үчтөн экисине жакынын көрсөтсө да, бирок, төлөмдөр балансы соода балансын көргөзбөйт, себеби ал башка элементтерди да өз ичине алат. Мисалы, Германиянын 1925-жылдагы төлөмдөр балансы өз ара барабар болду. Буга анын экспорттору импортторунан ашып кеткени же барабар болгону эмес, балким, 900 миллион маркага жеткен карыз алганы себеп болду. О.э. Американын 1929-жылдагы төлөмдөр балансында дефицит болду. Анын соода балансында дефицит бар экендиги себептүү эмес, балким, Кошмо Штаттар чет элдик валюталардан турган кирешелеринин чоң көлөмүн чет мамлекетке инвестиция кылып жаткырганы себептүү ушундай болду. Ошондуктан, демек, төлөмдөр балансында дефицит же өз ара теңдик бар деп айтуу үчүн ушуга байланыштуу болгон бардык элементтерди терең үйрөнүп чыгуу зарыл болот. Андагы өз ара теңдикти кайрадан тикелөө үчүн экспортту көбөйтүү керек, же көбүрөөк карыз алуу керек, же болбосо көбүрөөк инвестиция киргизүү керек деген жыйынтыкка келүүдөн мурда, оболу, бардык элементтерди үйрөнүп чыгуу зарыл болот.

Акча жана төлөмдөр балансы вакиълигин билип алганыбыздан кийин, эми бизге экономикалык кризистин жүз берүү ыктымалы акча жана төлөмдөр балансы абалынын натыйжасы катары төмөнкүдөй көрүнүштө жүзөгө келиши айкын болот:

**1 - Экономикалык кризистер – акча вакиъинин натыйжасы:**

Дүйнө өзүнүн акча мамилесинде алтын эрежеси түзүмү негизинде жүргөн убакта экономикалык өсүп-өнүгүү жана акча туруктуулугу доорун башынан өткөргөн эле. Качан мындай түзүм жок болуп, анын ордун алтынга алмаштыруу түзүмү ээлегенден кийин, акча менен байланыштуу туруксуздуктар пайда боло баштады. Ал тургай, акча туруктуулугу доорлору өтө сейрек учурай турган абал болуп калды. Ушундан кийин алтынга алмаштырып берүү түзүмү да бекер кылынды жана мажбурий кагаз акчалар менен гана мамиле кылына турган болду. Бул болсо, абалды ого бетер начарлатты жана кризистин артынан кризистер жүз бере баштады.

Алтын эрежеси түзүмү туруктуу алмашылуу курсун камсыздаган эле. Себеби, ар бир мамлекеттин акча бирдиги же алтын эле, же алтын менен бирдей кыйматка ээ болгон, каалаган убакта алтынга алмашууга жарактуу болгон жана алтындын ордун басуучу кагаз акча эле. Ошондуктан да, мамлекеттердин акчалары ортосундагы алмашылуу курсу туруктуу эле. Себеби, ал жалпы тан алынган алтын бирдигине таандык эле. Мисалы, Исламда динар 4,25 грамм алтын менен белгиленген болсо, Британия фунт стерлинги мыйзам боюнча эки грамм таза алтын менен белгиленди, француз франкы болсо бир грамм алтынга барабар болду ж.б. Ошондуктан да, алмашуу курсу туруктуу болду.

Бул түзүм ичкериде да, тышкарыда да анын акча бирдиги кыйматын бекемдеди. Буга далил, 1910-жылы алтын баасынын рекорддук көрсөткүчтөрү 1890-жылдагы даражанын өзүнө жакын болду.

Ал эми бул түзүм бекер кылынгандан кийин, кризистер көңүл бурарлык көрүнүштө жүз бере турган болду:

<u>Биринчиден</u>: Алтынга алмашылуу түзүмүндөгү кризистер.

Кризистердин көзгө көрүнүшү мына ушул түзүм бекер кылынгандан кийин пайда болду.

Бул түзүм боюнча, доллар алтынга кошумча түрдө борбордук банктардагы запас катары иштетиле турган болду. Бреттон-Вудс конференциясында бир унция алтын 35 доллар деп бааланды.
Бул түзүм боюнча, башка мамлекеттер Американын «ырайымына» көзкаранды болуп калышты. Себеби, Америка өзүнүн төлөмдөр балансындагы бузулууну жетиштүү алтын эквиваленттисиз кошумча кагаз акчаларды (долларларды) басып чыгаруу менен чечиши мүмкүн эле. Бул өнүккөн сайын анын долларларын алтынга алмаштыруу мүмкүнчүлүгү азайып бара берди. Мындай абал экинчи дүйнөлүк согуштан кийин жана Маршалл планынан кийин жүз берди. Себеби, Америка мамиледе жүргөн бардык долларларды алтынга алмаштырууну бекер кылды жана Америка ичкерисинде эмес, жалаң чет мамлекетте мамиледе жүргөн долларларды гана алтынга алмаштыруу милдетин моюнга алды. Кризисти ушинтип чечти. Себеби, анын колундагы алтындар болгону, чет элдеги мамиледе жүргөн долларларды гана камсыздоого жетет болчу. Ушундан кийин бара-

бара Американын алтын запасы азая баштады жана акырында 1961-жылы дагы бир кризис башталды. 1965-жылы Американын алтындары чет элдеги долларларды Бреттон-Вудс конференциясында көрсөтүлгөн расмий нарк боюнча алмаштырууга жетпей калгандан кийин кризис ансайын күчөдү. Ошондо башка мамлекеттердин доллар запастары да өзүнүн номиналдык кыйматынан түшүп кетти да, экономикалык туруксуздук жүз берди.

Америка 1958-жылдын декабрынан 1960-жылдын январына чейинки мөөнөттүн аралыгында өзүнүн алтын запастарынан төрт миллиард зыян көрдү. Чет элдеги долларларынын көлөмү көбөйүп кетишинин натыйжасында ушундай зыян көрдү. Доллардын көбөйүп кетиши натыйжасында ага болгон ишеним азайып, алтынга жана аны топтоого болгон талап күчөп кетти. Банктардын өздөрүндөгү долларларды алтынга алмаштырууга болгон талабы да күчөдү. Банктар төлөмдөр балансын алтын менен эмес, доллар менен төлөй башташты.

Төмөнкү таблицадан 1946 – 1965 жылдар ортосунда доллардын алтын менен камсыздалышы канчалык даражада төмөндөгөнүн билип алууга болот. (Сандар миллиард долларды билдирет).

| Жыл | 1946 | 1949 | 1957 | 1960 | 1965 |
|---|---|---|---|---|---|
| Америкадагы алтын запасы | 20,6 | 24,5 | 22,8 | 18,8 | 14 |
| Чет элдеги расмий жана жеке сектордогу долларлар запасы | 1,6 | 6,4 | 14,6 | 18,7 | 25,2 |

Долларды алтын менен камсыздоо натыйжасында Америка дүйнөнүн жетекчи мамлекеттеринен өзүнө жардам берүүлөрүн талап кылды. Ошондон кийин, алтын тобун түзүүгө келишип алынды. Бул топтун милдети, бирер себептен улам базарда алтындын баасы көтөрүлүп кеткидей болсо банктардын шашылыш аралашуусунан турат эле. Банктар бааны тең салмактуулук даражасына кайтаруу үчүн сатууга кошумча алтынды таштай турган болушту. Мунун тескериси жүз бере турган болсо т.а. баа төмөндөп кетсе анда шашылыш артыкча алтын көлөмү сатып алынып баа алгачкы даражасына көтөрүлө турган болду. Бул топ ушундай көрүнүштө бир нече жылга уланды. Бирок, акырындык менен ал базарга тумшугун тыгып аралаша баштады. Айрыкча, 1965-жылдын ортосунда ушундай болду. Мындай абал ушул топ 1968-жылы 17-мартта бекер кылынганга чейин уланды. Бул иш мүчө мамлекеттердин алтын запастарынын акырындап түгөнүп бүтүшү менен коркунуч келтире баштады. Натыйжада Франция 1967-жылы июнь айында бул топтон чыгып кетти. Ошондон кийин 1967-жылдын күзүндө фунт стерлинг кризиси, 1968-жылы болсо алтын кризиси күчөдү. Мына ушул эки кризис алтын

тобу мамлекеттеринин алты айдын ичинде 2,5 миллиард алтын доллар зыян көрүүлөрүнө себеп болду. Ошондон кийин, бул мамлекеттер 1978-жылы 18-мартта Вашингтондо учурашуу өткөрүшүп, алтын тобун бекер кылууга жана алтындын баасын талап жана сунушка карай белгилене турган кылып эркин таштап коюуга токтом кылышты.

Жогорудагы алтын кризиси Американын 1965-жылдагы 14 миллиард алтын запасынын 1968-жылы март айында, алтын тобу бекер кылынган убакка келип 10,48 миллиардга азайышына себеп болду. Американын бул алтын запасы бул убакка келип доллардын ички камсыздоосу үчүн мыйзамда көрсөтүлгөн керектүү көлөмдүн эң төмөнкү даражасы эле (25%). Ошондон кийин Америка чет элдеги жеке менчик сектор ээ болгон долларларды алтынга алмаштырып берүүнү бекер кылды жана чет элдеги расмий запастарды гана алтынга алмаштырууну калтырды. Т.а. доллардын ичкеридеги алтын камсыздоосу (25%) алып ташталды. Ал эми, ал чет элдик расмий запастарды алтынга алмаштырып берүүгө берген убадасында да ишенимдүү тура албады. Буга анын жеке секторлор менен кылган экспорт жана импорт алакалары жана мамлекеттик сектордун башка мамлекеттер менен кылган алакасындагы мамилелери да себеп болду. Мына ушулардан келип чыгып, Америка 1971-жылы долларды алтынга алмаштырып берүү түзүмүн бүтүндөй бекер кылууга токтом кылды.

Жогоруда айтылган сөздөрдөн белгилүү болгондой, алтынга алмаштырып берүү түзүмү натыйжасында келип чыккан кризистердин акыбети жаман болот; мунун үстүнө, мына ушул түзүм т.а. запас кылып коюла турган акчанын (доллардын) ээси Америка башка мамлекеттердин зыянына өз кызыкчылыгын камсыздоо үчүн ашыкча долларларды басып чыгарып дүйнөлүк экономикада туруксуздукту келтирип чыгара алат. Мунун акыбетинде мына ушул мамлекеттер өз казыналарындагы балансдарды тууралап алууда кыйын абалга түшүп калышат. Башкача айтканда, Америка төлөмдөр балансындагы ар кандай жетишпестик мына ушул мамлекеттердин мойнуна жүк болуп түшөт. Бул да жетпегендей, Америка алардын акчаларынын алтынга алмаштырылышынын бир бөлүгүн же бүтүндөй бекер кылды. Арийне, бул мамлекеттердин доллар запастары төмөнкү даражага түшүп калды, бул болсо, өз кезегинде, мамлекеттердин экономикалык пландарына тескери таасир көрсөттү. Мындай абалды Де Голл жакшы сезген эле. Ал өзүнүн 1965-жылдагы белгилүү сөзүндө мындай деген эле: «Доллар мурда алтын менен камсыздалган эле, азыр ал эң төмөн көлөмдө т.а. 20% камсыздалган. Эгер мамлекеттер өз доллар запастарын мына ушул 20% көлөмдө алмаштырмакчы болушкан күндө да, Америка бул баада алмаштырып бере албайт. Ошондуктан, мындай түзүмдү алтын эрежеси түзүмү менен алмаштыруу керек».

Демек, алтынга алмаштырып берүү түзүмүндө акча кризистеринин жүзөгө келиши күтүлгөн абал. Себеби, башка мамлекеттер доллардын

алтынга карата курсун сактап турууга мажбур. Муну ушул мамлекеттердин борбордук банктары өзүндөгү алтын запастары аркылуу аралашуусу менен ишке ашырат. Эң кооптуу кризис запас кылып коюла турган акчанын ээси болгон Америка бул акчанын алтын менен байланыштуулугун бекер кылууга токтом кылган убакта жүз берди. Натыйжада, башка мамлекеттердин мына ушул кагаз акчадан турган запастары өзүнүн алтын кыйматын жоготту. Натыйжада доллар канчалык төмөндөсө бул мамлекеттердин акчаларынын кыйматы да ушунчалык төмөндөйт, мындан көбүрөөк төмөндөшү да мүмкүн.

Экинчиден: Мажбурий кагаз акчалар түзүмүндөгү кризистер.

Бул түзүм шартында кризистер барган сайын тездей берет. Себеби, мамлекеттердин өз ара саясий жана экономикалык атаандашуусу, менчик базарлардагы чайкоочулуктар, мамлекеттердин башка мамлекеттерге товар экспорт кылуусу же алардан товар импорт кылуусу, карыз алууга болгон муктаждыгы жана башкалар, валюталардын көтөрүлүп, төмөндөшүндөгү кыйматына кескин таасир көрсөтөт. Мунун акыбетинде баалардын туруктуулугуна жана экономикалык мамиле туруктуулугуна жетишүү – мындай туруктуулук бүтүндөй жок болуп кетпесе да – өтө кыйын болуп калат. Мындай абалды азыр жергиликтүү жана экономикалык мамиледе күзөтүүгө болот.

Бул түзүм шартында мамлекеттердин болгон аракети өз запастары туурасында бүтүндөй этибарын саясий жана экономикалык жактан таасир өткөрө алуучу мамлекеттердин валютасына каратуу болуп калат. Бул валютага муктаж болгондуктан, анын туруктуулугуна маани берүүгө мажбур болушат. Анткени, ошол мамлекеттерде жүз бере турган ар кандай саясий же экономикалык өзгөрүү кризис көрүнүшүндө башка мамлекеттердин акчасында, арийне алардын экономикасында көрүнөт. Мисалы, акчасы долларга байланып калган мамлекеттердин бар болгон аракети өз запастарын сактап калуу үчүн доллардын туруктуулугун сактап калуу болуп калат. Адамдардын жергиликтүү валютага болгон талабы күчөсө, бул нерсе ушул мамлекеттин валютасынын курсу долларга карата көтөрүлүүсүнө алып келет. Ошондо бул мамлекет өз валютасынан чоң көлөмдү базарга таштайт жана анын ордуна базардан долларларды чогултуп алат т.а. валютасын долларга салат. Эми мунун тескериси жүз берип, адамдар жергиликтүү валютадан баш тартса т.а. сунуш көбөйүп кетсе – мындай абал чайкоочулукта жүз берип турат – мында мамлекет ошол ашыкча жергиликтүү валютаны чогултуп алууга киришет. Ушул максатта өз валютасын долларга сатып алат т.а. мамлекет өз казынасынан долларларды базарга таштайт жана анын ордуна өз валютасын казынасына кайтарат. Ошондуктан, валютасы долларга байланыштуу болгон ар кандай мамлекет өз валютасын да, долларды да коргоого мажбур. Бул жүктүн эң чоң жана эң оорун таянылып жаткан ошол чет

элдик валюта ээси болгон мамлекет эмес, тескерисинче, ушул валютага байланып калган мамлекеттин бир өзү көтөрүүгө мажбур болот.

Бул кыйынчылык жана бул оор жүк ушул мамлекеттин мойнуна түшөт. Ал өзүнүн ошол чет элдик валютадан турган запасын сактап калуу үчүн ушул жүктү көтөрүүгө мажбур. Себеби, бул чет элдик валюта кыйматынын төмөндөөсү ушул мамлекеттин активдеринин кыйматына зыян жеткирет. Мунун мисалы төмөнкүдөй:

1 – Кувейт борбордук банкы 1971\1972 жана 1972\1973-жылдарда доллар баасынын биринчи жана экинчи жолку түшүп кетиши акыбетинде 79,6 миллион кувейт динары айланасында зыян көрдү. Доллар 18% айланасында түшүп кеткен эле.

2 – ОПЕКке мүчө мамлекеттердин ликвид (тез акчага айлануучу) финансылык инвестициялары кыйматынын өзү гана өзүнүн номиналдык кыйматынан 61% төмөндөп кетти. Алардын номиналдык кыйматы жетимишинчи жылдардын башында 78 миллиард доллар эле. 1974-жыл менен 1978-жылдардын арасында бул кыймат 47 миллиард долларга түшүп калды.

3 – 1979-1980-жылдары Араб мамлекеттеринин нефтиден алган кирешеси 176 миллиард долларды түзгөн. Бул болсо, бизге доллардын баасындагы ар кандай термелүү натыйжасында канчалык зыян көрүлүшүн көрсөтүп турат.

4 – Араб мамлекеттеринин валюта запасы 1976-жылдын ортосунда 35,44 миллиард долларды түздү. Жана араб валюта запасынын 87,8% га жакыны чет элдик валюталарда инвестиция кылып жаткырылды. Демек, бул запас мына ушул чет элдик валюталар кыйматында термелүү жүз бериши менен термелүүгө учурап турат.

Өз запасында чет элдик валютаны сактап турган мамлекеттин валютасына ушул чет элдик валюта түздөн-түз таасир көрсөтөт. Буга кошумча түрдө, мажбурий кагаз акчага жергиликтүү жана эл аралык экономикалык абал да тез таасир көрсөтөт. Муну менен болсо бул акча башкасына караганда көбүрөөк инфляцияга учурайт.

Алтын эрежеси түзүмү алтынга толук таянганы себептүү акча кыйматынын туруктуулугу камсыздалат.

Алтынга алмашылуу түзүмүнө келсек, ар кандай мамлекеттин акчасы алтынга о.э. алтынга алмаштырууга жарактуу болгон кагаз акчага байланып кала турган бул түзүмдө валюта кыйматы кээде туруктуу болот. Бирок, качан чогултуп коюла турган ошол кагаз акчанын алтын запасы азайып кетсе т.а. алтынга бир бөлүгүн да, толук да алмаштырып берүүгө жараксыз болуп калса, мындай абалда, жергиликтүү акчанын кыйматы төмөндөп кетет жана ошол запас кылып коюла турган башка акчанын кыйматы да төмөндөп кетет.

Мажбурий кагаз акча түзүмү болсо маал-маалы менен инфляцияга учурап турат. Себеби, бул акча кыйматын белгилөөчү нерсе мамлекеттин

алып бара турган ички жана тышкы экономикалык саясаты болот. Бул саясатка болсо бир нече факторлор таасир көрсөтөт. Бул факторлор алмашылуу курстарынын туруктуулугун кармап турууну кыйындаштырып коёт. Ошондуктан, акча кыйматынын төмөндөшү т.а. анын керектөө кубаты алсырашынын жүз бериши ыктымалы жогорудагы эки түзүмгө караганда күчтүүрөөк.

Буга бардык мамлекеттердин валюталары кыйматынын термелүүлөргө учурап жатканы даана мисал болот. Мындан ал тургай экономикалык жактан өнүккөн мамлекеттер да аман калышпады. Себеби, доллар, марка, йен, франк, фунт стерлинг жана башкалардын кыйматы төмөндөп кетти.

Белгилүү болгондой, инфляция баалардын көтөрүлүүсүнө алып келет. Буга керектөө кубатынын төмөндөшү себеп болот. Бул болсо, экономикалык турмушка өтө кооптуу таасир көрсөтөт. Айрыкча, абал бири-бирине жакын доорлордо жүз берсе ушундай болот.

Акча өз ара келишилген туруктуу бирдикке таандык болбогондуктан, мажбурий кагаз акча түзүмү мамлекеттер ортосундагы тил бириктирүүлөргө жана чайкоочулукка жол болуп калат. Мисалы, мына бул мамлекет өз экспортторун көбөйтүү үчүн өз валютасынын кыйматын төмөндөтсө, башка мамлекет өз акчасынын пайда ставкасын адамдардын ушул акчада койгон аманаттарга карата көтөрүп коёт. Жарандардан каражаттарды өз колуна казына кылып чогултуп алуу үчүн жана чет мамлекеттен акчаларды тартуу үчүн ушундай кылат.

Акчанын термелүүлөрү соода иштери менен аралашып кетти. Себеби, белгилүү бир акчадагы пайда ставкасы көтөрүлүп кетсе же бирер мамлекеттин экономикалык абалы жакшырса, адамдар соода инвестициясынан банктардагы күчтүү ставкалуу акчаны запас кылууга өтүп ала турган болушту. Мындай абал 1987-жылы 19-октябрь күнү Уолл-Стритте биржалар кулаган убакта жүз берди. Себеби, акциялардын баалары 20%дан да көбүрөөккө түшүп кетти. Бул тууралуу ар түрдүү экономикалык талдоолор кылынды. А бирок, «Американын доллар пайда ставкасын күчтүү көрүнүштө көтөрүп коюу ниети бар экендиги жөнүндө таркаган миш-миштер ушуга себеп болду» деген талдоо чындыкка жакынырак. Себеби, Америка басма сөзүндө Америка финансы министри менен Германия финансы министри ортосунда жүз берген келишпөөчүлүк тууралуу кабар чыгып калган эле. Кабарда айтылышынча, Америка финансы министри доллардын проценттик ставкасын көтөрүп коюу менен өз кесиптешин коркуткан. Себеби, Германия финансы министри марканын процентин көтөрүп койгон эле. Бул болсо, акционерлерди шарт өзгөрбөй туруп, ыңгайлуу учурдан пайдаланып, жеңилирээк пайданы жана абзелирээк запасты колго киргизүү үчүн колдорундагы акцияларынан тезирээк кутулууга үндөдү. Франция финансы министри бул кризистин себеби жөнүндө сүйлөгөндө ушуну айтты.

Мына ушул кризистен кийин айрым Батыш мамлекеттеринин финансы министрлери негизги валюталар алмашылуу курсун товарлар «себети» курстары менен, ошону менен бирге алтындын курсу менен байлап коюуну сунуш кылышты. Т.а. муну Бреттон-Вудс түзүмүнө «адилеттүү» кайтуу деп эсептөөгө болот.

Ушунча финансылык кризистер жүз берсе да, дүйнө дагы эле мажбурий кагаз акча менен мамиле жүргүзүп келе жатат. Буга себеп, зыян көрүп жаткан көптөгөн мамлекеттердин эсебинен ушул түзүмдөн пайда көрүп жаткан айрым мамлекеттердин тогонок болуп тургананы. Бул мамлекеттер өздөрүнүн саясий жана экономикалык таасирлери башкалардын үстүнөн өкүмдар болуп кала бериши үчүн ушундай жолду карманып жатышат. Бул мамлекеттердин акчасы калган мамлекеттердин борбордук банктарында бар экендиги этибарга алынса, алардын таасири сакталып кала берет. Бул болсо, мына ушул калган мамлекеттердин саясий жана экономикалык абалына ошол мамлекеттердин таасир кылуусуна алып келет.

Ошондуктан да, бул мамлекеттер бул түзүмдү өзгөртүүгө каршы турушат. Себеби, бул мамлекеттер ылайыктуу алтын камсыздоосуна ээ эмес. Себеби, эгер алтын эрежеси түзүмүнө кайтыла турган болсо, туруктуу валюта деп аталган акча ээси болгон азыркы мамлекеттердин башкалар үстүнөн эч кандай үстөмдүгү калбайт. Ырас, туура чечилбегенден кийин, мына бул мажбурий кагаз акча түзүмүнүн улана бериши натыйжасында, дүйнө кайра-кайра жүз берип жаткан бул кризистерден азап чеге берет.

**2 - Экономикалык кризистер төлөмдөр балансынын натыйжасы:**

Биз төлөмдөр балансы эки тараптан, дебитор жана кредитор тараптардан ишке ашарын айтып өттүк. Абал туруктуу болуп туруусу үчүн баланстын эки тарабы тең келиши керек. Ал эми көптөгөн абалдарда бул нерсе ишке ашпайт. Бул абал көбүрөөк дээрлик бардык мамлекеттердин экономикалык абалында жүз берет.

Кирешелер төлөмдөр кыйматын каптоого жетпей калган убакта дефицит башталат. Бул дефициттин келип чыгышынын көптөгөн себептери бар, ошолордун ичинде төмөнкү себептери да бар:

1 – Капиталисттик импорттор көлөмүнүн (жарак-жабдык жана курулуш материалдары импортунун) көбөйүүсү. Бирок, булардан продукция иштеп чыгара турган ишканаларда жакшы пайдаланылбайт.

2 – Негизги керектөө товарларын көп алып келүү. Продукция иштеп чыгара турган жарак-жабдыктардын күчсүздүгү жана мына ушул товарларды иштеп чыгарууга алсыздыгы себептүү ушундай болот. Натыйжада, мамлекеттер ушул товарларды импорт кылып алып келүүгө мажбур болушат, кийин буга зарыл болбогон товарларды импорт кылып алып келүү да кошулат.

3 – Каражаттарды экспорт кылуунун т.а. чет мамлекетте инвестиция жаткыруунун же чет мамлекетке карыз берүүнүн кеңири түс алуусунун натыйжасы.

4 – Жалаң бир тараптан гана ишке ашырылган операциялар (согуш компенсациялары жана контрибуциялар) натыйжасында жүзөгө келген дефицит.

5 – Инвестиция саясатына таянуу жана көңүл ачуучу керектөө секторлоруна же дээрлик ушуга окшогон секторлорго кызмат кыла турган нерселерди иштеп чыгаруу;

6 – Экономикалык жана саясий туруксуздук себептүү каражаттардын чыгып кетиши.

7 – Мамлекеттик аппаратта болобу же мамлекеттик мекемелерде болобу, кыскасы, административдик башкаруудагы коррупциянын күчөгөндүгү жана анын коомдо тынчсызданууу жана ишенимсиздиктен турган бузук чөйрөнү келтирип чыгарып жатканы. Бул болсо, айрым жарандардын коопсуз болуусу үчүн өз акчаларын чет элдик банктардын эсептерине аманат коюуга мажбурлап жатканы.

8 – Доллар жана башка чет элдик валюталар курсунун термелип туруусу о.э. запастагы валюта кыйматынын түшүп кетиши. Муну менен болсо мамлекеттин запастарынын чыныгы кыйматы азайып кетет, арийне, белгилүү бир каражатка алып келүү мүмкүн болгон импорт малдарын алып келүү үчүн кошумча каражаттар төлөө зарыл болот.

Дефицитти башталышында, эгер көбөйүп кетпеген болсо, аны жоюу мүмкүн. Мамлекет эгер өзүнүн туура экономикалык саясат планын иштеп чыкса, муну башталганда эле жоготушу мүмкүн. А бирок, мамлекет төлөмдөр балансын жакшыртуу үчүн экспортторду кайра көбөйтүп, импортторду азайтканга чейин о.э. саясаттар жана иш-чараларды иштеп чыкканга чейин анда дефицитти убактылуу дабалоо үчүн накталай акча жетишпей турган болсо, дефицит кризиске айланып кетет.

Накталай акча – бул мамлекеттин өз дефицитин жабуусу үчүн керек боло турган даяр каражаттары. Ал мамлекеттин алтындан жана чет элдик валютадан турган запасы о.э. мамлекеттин алтындан («алтын бөлүгү» көрүнүшүндө) эл аралык валюта фондуна бере турган үлүшү. Себеби, эл аралык валюта фондуна мүчө ар бир мамлекет өз үлүшүнүн төрттөн бирин алтын көрүнүшүндө же өзү расмий түрдө ээ болгон алтын жана доллардын 10%ын ушул фондго төлөөсү керек болот. Ушул нерсе «Алтын бөлүгү» деп аталат.

Жогоруда айтып өтүлгөндөрдөн кризистер валютада жана төлөмдөр балансында кандай жүз беришин билип алдык. Бул жерде байлыкты адамдардын ортосунда жаман бөлүштүрүү натыйжасында келип чыгуучу үчүнчү кризис да бар. Бул жерде акча кризиси да жана ал тургай төлөмдөр балансынын натыйжасы болгон кризис да келип чыкпашы мүмкүн. Башкача айтканда, кирешелер төлөмдөрдү каптайт. Бирок, бул

кирешелер бир ууч кимселердин гана муктаждыгын кандыруу үчүн болуп жаткан чыгымдарды каптоого гана кетип жатат. Мисалы, бир мамлекет бир миллион динар каражатка барабар нефтини экспорт кылат, кийин ушул каражатка өзүнүн жарандарынын муктаждыгына жете турган буудайды импорт кылып алып келет. Натыйжада соода балансы, арийне, төлөмдөр балансы да туура болот. Ал эми бул буудай өзгөчө тартипте сарпталса т.а. аны финансылык мүмкүнчүлүгү бар бир нече адамдар гана сатып алса, башкалардын болсо аны сатып алууга кудурети жетпесе, анда жаңы кризис башталат. Байлыкты жарандардын бардыгына бөлүштүрбөй, алардын негизги муктаждыктарын кандырып алууларына мүмкүнчүлүк жаратпастыктын натыйжасында ушул кризис келип чыгат. Натыйжада, үммөттө жакырчылык келип чыгат.

Жыйынтыгында, демек, жүз бериши күтүлүп жаткан жана дабалоо талап кыла турган кризистер үчөө экен:

1) Акча түзүмүнөн келип чыккан кризис;
2) Төлөмдөр балансы натыйжасында келип чыккан кризис;
3) Байлыкты адамдарга туура көрүнүштө бөлүштүрбөстүк натыйжасында т.а. жаман бөлүштүрүү натыйжасында келип чыккан кризис.

**Экономикалык кризистерди дабалоо:**

Жогоруда экономикалык кризистердин абалын баян кылып өткөнүбүздөн кийин, эми ушул кризистерди жоготуу үчүн зарыл болгон чечимдерди баян кылабыз.

**Биринчи: Бүгүнкү акча түзүмү акыбетинде келип чыккан кризисти дабалоо.**

Жогоруда финансылык кризис алтынга алмаштырып берүү түзүмүндө о.э. мажбурий акча түзүмүндө жүз бериши мүмкүндүгүн айтып өттүк. Айтып өткөнүбүздөй, кризистерди бүтүндөй жоготуу үчүн албетте алтын түзүмүнө кайтуу керек. Мында түздөн-түз алтын менен мамиле жүргүзүлөбү же алтындын ордуна чыгарылган жана эч кандай чектөө жана шарттарсыз алтынга алмаштырып берүүгө жарактуу болгон кагаз акчалар менен мамиле жүргүзүлөбү, мунун айырмасы жок. Муну көптөгөн экономисттер түшүнүп жетишти. Ошондуктан, эгер кызыкчылыгы бар мамлекеттер, айрыкча, Америка, өздөрүнүн саясий жана экономикалык өкүмдарлыктарын колдон чыгарып жиберүүдөн корккондуктары себептүү, алтын акча эрежесине кайтуунун алдына тосук болушпаганда эле, бүткүл дүйнө ушул эрежеге кайткан болот эле. Себеби, жалгыз алтын акча түзүмү гана туруктуулукту сактап турат жана бир мамлекеттин башка мамлекеттер үстүнөн өкүмдар болуп алуусуна жол койбостон, экономикалык ишмердүүлүктүн өсүп-өнүгүшүнө алып келет. Бул түзүмдө акча – сыйлоого жана кыйматын белгилеп алууга өз ара келишип алынган бирдикке байлап коюлат. О.э. бул түзүмдө мамлекеттер акчанын көлөмүн көбөйтө алышпайт. Себеби, алар акчадан каалаганча басып чыгара алышпайт. Анткени, мамлекеттер алтын запасын эсепке алып иш кылууга

мажбур болушат. Мажбурий кагаз акчалар түзүмү болсо мунун бүтүндөй тескериси. Себеби, мажбурий кагаз акчаларды мамлекеттер өз кызыкчылыктары жолунда каалаганча басып чыгара алышат. Бул болсо, түздөн-түз акча инфляциясынын жүз беришине жана адамдарда мындай акчага ишенимсиздик пайда болушуна алып келет.

Ал эми алтын акча түзүмүндө албетте төмөнкү шарттарга моюн сунуу керек:

1) Баарынын эч кандай чектөө жана шарттарсыз алтынды эркин алып чыга алуусу жана алып кире алуусу шарт. Себеби, алтынды эркин алып кирүү жана алып чыгуу алмашуу курсунун туруктуулугун камсыздайт.

2) Алтындын ордуна жүрүүчү кагаз акча ар кандай убакта үстүнө жазылган бүтүн кыйматы менен алтынга бүтүндөй эркин алмаштырылып берилиши шарт;

3) Алтынды эритүү жана басып чыгуу эркиндигин камсыздоо; Ошондо кимдин алтын акчалары болсо, эч кандай чектөөсүз, аларды эритүү жана алтын жамбы кылып куюп алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Ошону менен бирге, кимдин колунда алтын жамбы болсо, акча басып чыгара турган жерге барып, басып чыгаруу акысын төлөгөндөн кийин, жамбысын акча кылып бастырып алууга кудуреттүү болот. Бул иш алтындын расмий баасы менен соодадагы баасы ортосунда бирер бузулуу жүз беришине жол койбостук үчүн кылынат.

Бул экономикалык жактан үйрөнүлгөндө гана ушундай. Ал эми Ислам көз карашынан каралганда болсо, төмөнкү шаръий далилдерге караганда, акчанын алтын жана күмүштөн башка болуусу таптакыр дурус эмес:

1 – Расулулла ﷺдын алтын жана күмүш Ислам мамлекетинин акчасы катары мамиледе жүрүшүнө ыраазы болуулары. О.э. Пайгамбарыбыздын бул динар жана дирхамдардын салмагын өлчөөдө курайштыктардын өлчөөсүнө да ыраазы болгондугу. Товус Ибн Умардан ушундай риваят кылат, Расулулла ﷺ мындай деди:

«الْوَزْنُ وَزْنُ أَهْلِ مَكَّةَ»

«**Вазн (салмак-өлчөө) – Мекке калкынын вазны**». Ал убакта он дирхам жети мискал деп өлчөнгөн. Азыркы өлчөөбүздө алтын динар 4,25 грамм, күмүш дирхам 2, 975 грамм болот.

2 – Ислам алтын жана күмүшкө тиешелүү белгилүү бир шаръий өкүмдөрдү баян кылды:

Биринчи: алтын жана күмүштү канз (казына) кылып топтоону арам кылды:

﴿وَٱلَّذِينَ يَكۡنِزُونَ ٱلذَّهَبَ وَٱلۡفِضَّةَ وَلَا يُنفِقُونَهَا فِي سَبِيلِ ٱللَّهِ فَبَشِّرۡهُم بِعَذَابٍ أَلِيمٖ﴾

***«Алтын-күмүштү казына кылып, аны Алла жолунда нафака кылбай турган кимселерге ачуу азапты «сүйүнчүлө!».*** **[9:34]**

Экинчи: алтын жана күмүштүн акча экендигин жана соода малдарына төлөнө турган нарк о.э. эмгек акы экенин эсепке алып, алтын жана күмүштөн зекет берүүнү фарз кылды.

Үчүнчү: Дияны (кун) акча катары алтын жана күмүш менен төлөөнү фарз кылды:

«وَعَلَى أَهْلِ الذَّهَبِ أَلْفُ دِينَارٍ»

**«...жана алтыны бар адамдар миң динар** (кун төлөшөт)**».**

«جَعَلَ النَّبِيُّ ﷺ دِيَتَهُ اثْنَى عَشَرَ أَلْفًا أَىْ مِنَ الدَّرَاهِمِ»

**«Расулулла ﷺ анын диясын он эки миң т.а. он эки миң дирхам кылып белгиледи».**

Төртүнчү: Уурунун колун – бардык шарттары табылганда – кесүү үчүн нисаб белгиледи.

«لاَ تُقْطَعُ يَدُ السَّارِقِ إِلاَّ فِى رُبْعِ دِينَارٍ فَصَاعِدًا»

**«Динардын төрттөн биринен аз нерсе уурдаса, уурунун колу кесилбейт».**

«إِنَّ الرَّسُولَ ﷺ قَطَعَ سَارِقًا فِى مِجَنٍّ قِيمَتُهُ ثَلاَثَةَ دَرَاهِمَ»

**«Расулулла ﷺ баасы үч дирхам турган калканды уурдаган уурунун колун кести».**

Бешинчи: Акча мамилелеринде акча алмаштыруу (сарроф) өкүмдөрүн белгилегенде, алтын жана күмүш менен дайын кылды:

«نَهَى رَسُولُ اللَّهِ ﷺ عَنِ الْفِضَّةِ بِالْفِضَّةِ وَالذَّهَبِ بِالذَّهَبِ إِلاَّ سَوَاءً بِسَوَاءٍ وَأَمَرَنَا أَنْ نَشْتَرِيَ الْفِضَّةَ بِالذَّهَبِ كَيْفَ شِئْنَا وَنَشْتَرِيَ الذَّهَبَ بِالْفِضَّةِ كَيْفَ شِئْنَا»

**«Расулулла ﷺ күмүштү күмүшкө, алтынды алтынга теңме-тең алмаштырууга гана буюрду, мунун тескерисинен кайтарды. Алтынга күмүштү каалаганыбызча сатып алууга жана күмүшкө алтынды каалаганыбыздай сатып алууга буйруду».**

Башка риваятта يَدًا بِيَدٍ **«колмо-кол»** делген.

Булардын бардыгынан белгилүү болгондой, Ислам мамлекетинин акчасы албетте алтын жана күмүш болот.

Ошондуктан, финансылык кризисти чечүү үчүн алтын акча системасына кайтуу ылазым. Мында бир гана алтын акча болушунун, же алтын жана күмүш акча болушунун айырмасы жок. Бирок, алтын акча системасына кайтуу да проблемалардан четте болбойт. Эл аралык монополиялардын натыйжасында жана бажыкана тосуктары болгондугу себептүү; алтын жана күмүштүн өтө көп бөлүгү улуу мамлекеттердин казынасында, продукция иштеп чыгаруу потенциалы ашып кеткен жана эл аралык соодада атаандашуу кудурети да күчөп кеткен мамлекеттердин

казынасында топтолуп калгандыгы себептүү; бул мамлекеттер таланттуу илимпоздору, адистери жана инженерлери менен үстөм болуп алганы себептүү; о.э. алтын жана күмүш системасынын ордуна мажбурий акча системасы кабыл кылынгандыгы үчүн, алтын акча системасына кайтуу проблемаларсыз болбойт.

Алтын жана күмүш системасына кайтмакчы болгон мамлекет мындай проблемаларды аттап өтүү үчүн автаркия саясатын жүргүзүшү зарыл *(автаркия – чет элдик мамлекеттердин экономикасына көзкаранды болбогон эгемендүү чарба жаратууга каратылган саясат жана зарыл нерселерди четтен албастан өзү жеткирүүгө негизделген улуттук чарбалык система).* Ошондо ал четтен товар импорт кылууну азайтып, бул импорт товарларды өзүндөгү мавжуд товарлар менен айырбаштоого аракет кылат. О.э. бул мамлекет өзүндөгү товарларды өзү муктаж болгон товарларга, же алтын жана күмүшкө сатууга, же болбосо, өзүнө керектүү болгон товар же кызматтарды импорт кылып алып келүү үчүн өзү муктаж болгон валютага сатууга аракет кылышы лазым.

Бул алтын жана күмүш системасына өтмөкчү болгон ар кандай мамлекетке карата ушундай. Ал эми, Алланын уруксаты менен жакында тикелениши күтүлүп жаткан Халифалык Мамлекетине карата алганда болсо, маселе өтө жеңил болот. Себеби, Исламий өлкөлөрдө жана ал жерлердеги банктарда топтолуп турган алтындардын өзү Халифалык Мамлекетинин алтын акча системасына өтүшү үчүн жетиштүү болот. Мындан тышкары, Исламий өлкөлөрдөгү күмүштүн өтө чоң көлөмү да Халифалык мамлекетинин алтын акча системасына өтүшү үчүн жетиштүү (күмүш Халифалык мамлекетинде алтын менен бир катарда негизги акча бирдиги болот. Себеби, Халифалык Мамлекети акча тармагында алтын жана күмүшкө, ушул эки маъдан түзүмүнө таянат). Күмүш болсо чоң көлөмдө бар. Ошондуктан, Халифалык Мамлекетинин алтын жана күмүш системасына кайтышы оңой болот.

Мындан тышкары, исламий өлкөлөр үммөт үчүн зарыл болгон бардык сырьёлорго бай. Бул болсо үммөттү өзүнүн негизги жана зарыл болгон муктаждыктары үчүн керек боло турган башка товарларга муктаж болбой турган кылып коёт. Бул болсо Халифалык мамлекетин өзүнүн жергиликтүү товарлары менен чектелип, чет элдик импорт товарларга муктаждык сезбешине, алтынды чет элге чыгарылышы жана ичкериде да жетиштүү калышынын камсыздалышына кепил болот.

О.э. ислам өлкөлөрү бүткүл дүйнөгө зарыл болгон нефть сыяктуу маанилүү товарларга да ээ. Халифалык мамлекети бул товарларды алтынга, өзүнө керектүү болгон товарларга же чет элден товар импорт кылышы үчүн керек боло турган валюта жана кызматтардын ордуна сатышы мүмкүн болот. Ал тургай, бул товарларды эч кандай мамлекетке сатпоого токтом кылууга, эгер сатса, жалаң гана алтынга сатып, өзүнүн алтын запасынын өсүшүн камсыздап алууга кудуреттүү болот.

Алтын акча системасына кайтуу менен туруктуулукка жетишилет, кризистер да, башка мамлекеттердин валюта тармагындагы өкүмдарлыгы да жок кылынат. Кризистен кутулууга жетиштүү боло турган эң пайдалуу дабаа-чечим мына ушул.

**<u>Экинчи</u>: Төлөмдөр балансынын натыйжасында келип чыккан кризисти дабалоо**

Жогоруда кризис төлөмдөр балансында дефицит жүз бергенде, же кирешелер төлөмдөрдү каптай албай калганда пайда боло баштаышын айтып өттүк. Мындай абалда мамлекет өзүндөгү нак акча жетишпестигин жоюу үчүн, убактылуу дабалоого киришет жана өзүнүн экономикалык абалын оңдоп, төлөмдөр балансын туурлап алуу үчүн саясий иш-чараларды колдонот.

Бүгүнкү күндө мамлекеттер колдоно турган иш-чаралар төмөндөгүлөр:

1 – Чет элден капитал тартуу үчүн бир каражат катары базар кирешелеринин ставкасын ашыруу;

2 – Импорт малдарына салык салуу б.а. бажыкана төлөмдөрүнүн наркын жана импорт малдарын азайтууга байланыштуу бардык төлөмдөрдүн наркын көтөрүү;

3 – Жергиликтүү валюта кыйматын төмөндөтүү аркылуу, иштеп чыгарылган жергиликтүү товарлар экспорт кылына турган чет мамлекеттердин санын көбөйтүү. Себеби, жергиликтүү валюта курсунун төмөндүгү себептүү жергиликтүү товарлар чет элдик мамлекеттер үчүн арзанга түшөт жана муну менен экспорт көлөмү көбөйөт. Ал эми мамлекет бул иште бир шартка амал кылышы керек т.а. анын иштеп чыгарып жаткан товарлары ири көлөмдө экспорттолууга даяр турушу керек. Ошондо импорт малдарынын көлөмү көбөйөт, анткени, экспорт товарларынын көлөмү көбөйүшүнүн натыйжасында ушундай болот. Ал эми, мамлекет экспорт үчүн жетиштүү даражада товар иштеп чыгара албаса, анда өзүнүн валюта курсун төмөндөтүшү аны зыянга алып кирип коёт. Мындан тышкары, валюта курсун мындай түстө төмөндөтүү, нарктардын кымбаттап кетишине себеп болот. Демек, валюта курсун төмөндөтүү – эгер мамлекет жетиштүү экспорт товарларын иштеп чыгаруу кудуретине ээ болсо – импорт кылуунун көбөйүшү менен бирге экспорттун көбөйүшүнө да алып келет. Болгону, бул үчүн ушул товарларды экспорт кылып жаткан башка мамлекеттер өз валютасынын кыйматын төмөндөтпөшү шарт. Себеби, төмөндөтүшө турган болсо, анда абал төмөндөтпөгөндө кандай болсо ошондой болуп калат.

4 – Табигый байлыктардан пайдалануу туурасында олуттуу изденүү алып баруу. Бул себептүү экономика жанданып, ушул байлыктарды экспорт кылуунун көбөйүшүнүн натыйжасында импорт кылуу жакшылансын. Ушул эле учурда, мамлекет негизги товарларды чет элден импорт кылууга мажбур болуп калбашы үчүн, аларды өзүндө иштеп

чыгарууга катуу көңүл бурушу керек. Мына ошондо импортту азайтууга жетишет.

5 – Ушул орунда айтып өтүү керек болгон нерсе, улуу мамлекеттердин айрымдары же бардыгы башка мамлекеттерден карыз алууга мажбур болуп калбоо үчүн, же калктын терс реакциясын пайда кыла турган өтө үнөмдүүлүк чараларына өтпөө үчүн жана а түгүл өз валютасын төмөндөтүү жолуна өтпөө үчүн (себеби, аны төмөндөтүү абройунун түшүшүнө себеп болот), колдоп-кубаттоочу эч кандай негизге ээ болбогон жаңы акчаларды басып чыгарып, айрым сарп-каражаттарын т.а. төлөмдөр балансындагы дефицитти жабуу жолуна өтөт. Эгер мамлекет ушинтип акчаны көп басып чыгара бере турган болсо, инфляция жүзөгө келет. Т.а. акча менен товарлардын ортосундагы баланстын бузулушунун натыйжасында нарктар көтөрүлүп кетет. Адатта инфляция акча менен товарлар жана кызматтардын ортосундагы балансты кайра тикелөө менен жоюлат. Балансты тикелөө болсо же товарлар жана кызматтарды көбөйтүү т.а. экономиканы, өзгөчө андагы иштеп чыгаруу тармагын жандандыруу менен болот, же артыкча акча жүгүртүүдөн чыгарып алуу менен болот. Акчаны жүгүртүүдөн чыгарып алуу болсо пайданы көтөрүп коюу менен ишке ашат. Ошондо адамдарда өз акчаларын банктарда сактоого кызыгуу ойгонот. Же коммерциялык банктардан борбордук банкка аманат койгон жамгармаларынын көлөмүн көтөрүүнү талап кылуу менен ишке ашат. Мына ошондо артыкча акчалар борбордук банкта «тоңот» жана жүгүртүүдөн алып коюлат. Бирок, ушул чаралар жаман көрүнүштөрдү да келтирип чыгарат. Себеби, бул чаралар капитал жаткырууну азайтып жиберет жана экономикалык сенектикке түртөт.

6 – Ушундай чаралардын дагы бири, төлөмдөр балансын туурлап алуу үчүн карыз алуу. Мына ошондон кризистин жаңы баскычы т.а. карыздарлык тузагына түшүү башталат. Айрыкча, бул тузакка – карыздардан жакшы пайдалана албай турган, аларды өлкөгө киреше келтире турган иштеп чыгаруу долбоорлоруна сарптоону билбей турган "үчүнчү мамлекеттер" деп аталган – "өнүгүп келе жаткан" мамлекеттер көбүрөөк түшүп калат. Бул мамлекеттер төлөмдөр балансын туурлап алуунун эң оңой жолу карыз алуу деп эсептешет. Себеби, бул мамлекеттердин көпчүлүгү өзүнүн негизги муктаждыктарын каптай турган продукцияларды иштеп чыгарбайт. Бул мамлекеттердин экспортко жарактуу товарлары бүтүндөй жок болбосо да, бирок, өтө аз. Ушул себептүү, алар дефицитти карыз алуу менен каптоо мүмкүн деп билишет. Эгер бул мамлекеттерде импорттордун көлөмүн азайтуу үчүн импорт кылууга басым өткөрүү товарлар жетишсиздигине, арийне, нарктардын көтөрүлүп кетишине алып келет. Бул болсо, өз кезегинде иштеп чыгаруу кубатынын изден чыгышына алып келет. Натыйжада жумушсуздук артып, өнүгүү токтоп калат.

О.э. бул мамлекеттердин алтын жана чет элдик валюталарынан турган запастарынын көлөмү да кичине болгондугу себептүү, дефицитти өз акча запастарынын эсебинен каптай алышпайт. Кала берсе, бул запастардын азайышы жана алардын дефицитти каптоого иштетилиши бул запастарды коркунучка дуушар кылат жана жергиликтүү валюта курсунун төмөндөшүнө алып келет. Буга кошумча, бул мамлекеттердин көпчүлүгү өзүнүн табигый байлыктарынан пайдаланууга олуттуу көңүл бурбаганынын натыйжасында, карыз алуу жолуна өтүшөт. Кризисти дагы да күчөтүп жибере турган нерселердин бири карыз алуунун катарына төмөндөгү үч коркунучтуу фактордун келип кошулушу:

1 – Бул карыздардын продукция иштеп чыгара турган долбоорлорго жумшалбай, балким, көңүл ачууга тиешелүү же ушуга окшош долбоорлорго о.э. эч кандай экономикалык пайда келтирбей турган (үгүт иштери үчүн болжолдонгон), болбогур долбоорлорго жумшалышы. Муну менен болсо мына ушул долбоорлор мурунку дефицитти дагы да ашыра турган дагы бир кошумча жүк болот.

2 – Чет мамлекеттерден алынган карыздар жана жардамдардын ири бөлүгүнүн чоң мансаптагылар тарабынан талап-тонолушу. Муну сыйлыктар жана пара берүүлөр менен ишке ашырышат. Мансаптагылар өздөрү иштеп жаткан өкмөттө саясий өзгөрүү же мамлекеттик төңкөрүш болушунан коркуп, өздөштүрүп алган бул каражаттарынын коопсуздугун камсыздоого катуу аракет кылышат. Ошондуктан, бул каражатты чет элге чыгарып жиберишет да, муну менен мамлекетин эки жолу бул каражаттардан кол жуудурушат. Биринчиси, өлкөнүн ички экономикасын өстүрүүгө ажыратылышы ылазым болгон чоң өлчөмдөгү мамлекеттин мүлкүн өздөштүрүп алуулары менен; экинчиси, бул каражаттарды чет элге чыгарып жиберип, өлкөлөрүн жергиликтүү инвестициядан кол жуудурушат. Бул жөнүндө АКШнын Морган Трест банкы жаңы изилдөө чыгарды. Анда көрсөтүлүшүнчө, «Үчүнчү дүйнө мамлекеттери алган бардык карыздын 40-60%и кайра биринчи дүйнө мамлекеттерине өтүп кеткен. Бул акчалар чиновниктердин жашыруун атайын эсептери көрүнүшүндө, же алардын жакындарынын наамына катталып, кайрадан биринчи дүйнө мамлекеттерине карай жол алган. Изилдөөдө көрсөтүлүшүнчө, үчүнчү мамлекеттердин сексенинчи жылдардын ортолорундагы карызы 1 триллион 500 миллиард долларды түзгөн болсо, мунун каршысында бир триллион каражат биринчи дүйнө мамлекеттеринин банктарында, үчүнчү дүйнө мамлекеттеринин азыркы же мурунку чиновниктеринин өздүк эсептеринде сакталууда».

3 – Бул карыздарды чоң мамлекеттер же таасирлүү мамлекеттер карыздар мамлекеттердин үстүнөн өз өкүмдарлыгын өткөрүүдө васита кылып алуулары. Бул мамлекеттер өздөрүнүн экономикалык жана саясий пайдаларына кызмат кыла турган максаттар үчүн, үчүнчү дүйнө

мамлекеттерин карыз алууга чакыруучу саясаттарды тынбай иштеп чыгышат. Муну төмөндөгүлөр далилдеп турат:

а) 1963-жылы март айынын акыркы аптасында, генерал Клей комиссиясы Американын жардамы жөнүндө чыгарган отчётто мындай делет: «Бул жардамдардан көздөлгөн максат жана анын ичинде жаткан өлчөө – Кошмо Штаттардын коопсуздугу, эркин дүйнөнүн тынчтыгы жана коопуздугу». Демек, карыздар артта калган мамлекеттерге жардам үчүн эмес, балким, өзүнүн таасирин жаюу үчүн берилет. Ушул максатта, бул мамлекеттер тарабынан алтымышынчы жылдардын башында Индонезияга басым өткөрүлүп, ал жерде тартипсиздиктерди келтирип чыгарды. Натыйжада, Индонезияны карыз алууга мажбур кылды. Ошондуктан, жардамдар да, карыздар да бул мамлекеттердин саясий өкүмдарлыгы үчүн кызмат кылды жана дагы деле кылып жатат. Мисалы, Американын төлөмдөр балансы дээрлик дайыма дефициттен кыйналып келе жаткан болушуна карабастан, ар жылы башкаларга жардам жана гранттарды берет.

б) ОПЕКке мүчө мамлекеттер 1974-1979-жылдары өздөрүнүн төлөмдөр балансынан чоң проценттерди колго киргизди. Бул проценттер эл аралык валюта базарларына агып чыкты. Кийин эл аралык коммерциялык банктар өз өкмөттөрүнүн кызыктыруусу менен нефть проценттерин кайра айлантуу т.а. жамгармаларды төлөмдөр балансында дефициттен кыйналып жаткан өнүгүп келе жаткан мамлекеттерге карыз берүү жолун тута турган болду. Бул карыздар салыштырмалуу түрдө төмөнүрөөк процент жана жеңил шарттар менен бериле турган болду. Бул болсо өнүгүп келе жаткан мамлекеттердин көпчүлүгүн өз төлөмдөр балансын камсыздоо үчүн дагы да көбүрөөк карыз алууга кызыктырып койду. Бирок, коммерциялык банктар өнүгүп келе жаткан мамлекеттерге карыз берүү коркунучунан өзүн коргоо үчүн, Нью-Йорк жана Лондон биржаларындагы процент ставкаларынын жалпы багытына карап, мезгил-мезгили менен өзгөрүп тура турган “термелип туруучу же өзгөрүүчөн процент” деп аталган нерсе жолун кармана турган болду. Коркунучтарга каршы туруу үчүн бул процентке башка көрсөткүч да кошула турган болду. Долларлык карыздардын үстүнө коюлган процент ставкалары 1974-78-жылдардагы 7,8%дан 1979-81-жылдарда 17,5%ке көтөрүлгөнүн билсек, бул термелип туруучу проценттин канчалык коркунучтуу экендиги айкын болот. Т.а. ушул банктар алгач өнүгүп келе жаткан мамлекеттерди карыз алууга кызыктырды, кийин бул мамлекеттерди тузакка түшүрүп алган соң, термелип туруучу процентти ашыруу менен аларга басым өткөрдү.

Бул факторлордун бардыгы себептүү, демек, мамлекеттер карыз алуу үчүн биринчи кадамды таштары менен эле карыздарлык тузагына түшүп калат жана андан кутулуу кыйын болот. Колонизатор мамлекеттердин башка мамлекеттер үчүн карыздарлыктан чыгуу туурасында иштеп чыккан жолу – эларалык валюта фонду менен дүйнөлүк банктын жолунун өзү

экендиги – бул проблеманы дагы да чиелештирет. Себеби, өнүгүп келе жаткан мамлекеттер валюта фондуна жана дүйнөлүк банкка кайрыла турган болсо, аларды проблемаларга толуп ташкан алкактын ичине киргизип коюшат.

Карыздарлык проблемасынын барган сайын олуттуу түс алышы карыздар мамлекетерди карыз кызматын (бөлүп-бөлүп төлөнө турган төлөмдөр жана проценттерди) төлөөгө алсыз кылып коёт. Натыйжада, бул мамлекеттердин эң чоң баш ооруусу өз карыздарына сызыктар тартууга урунуу жана өзүнүн экономикасын жандантуу үчүн жаңы карыздарды алуу болуп калат. Ал мамлекеттер буга жетишүүсү үчүн, алардан Париж клубу деп аталган кредитор мамлекеттер тобу о.э. Лондон клубу деп аталган кредитор коммерциялык банктар тобу эл аралык валюта фондунан актоочу характеристика алып келүүнү талап кылат. Бул характеристика "ушул карыздар мамлекеттер сак-саламат экономикалык жолдо бара жатышат" деген мазмундагы ишеним күбөлүгүнө окшойт. Бирок, бул характеристиканы берүү үчүн эл аралык валюта фонду бул мамлекеттерге реформа программаларын ишке ашырууну шарт кылып коёт. Бул реформа программалары адатта төмөнкүдөй шарттардан турат: жергиликтүү валюта кыйматын төмөндөтүү; негизги жана зарыл болгон товарларды өндүрүүнү колдоп-кубаттоону бекер кылуу; иш маяналарын тоңдуруп коюу; өкмөт тарабынан каражат жаткырууну азайтуу; энергия, жалпы кызматтар жана товарлардын нарктарын жалпы түрдө көтөрүү, жамгармаларды (фонд) көбөйтүү жана инвестицияларды тартуу үчүн процент ставкаларын ашырып коюу; тышкы сооданы чектөөлөрдөн азат кылуу же чектөөлөрдү жеңилдетүү.

Карыздарлык проблемасын эларалык валюта фонду аркылуу дабалоо проблеманы дагы да күчөтүп жиберет. Себеби, валюта фондунун программалары куру эсеп-китеп негизиндеги чечимди өз ичине алат. Т.а. бул фонд маселеге эки тараптын ортосунда балансты пайда кылуу үчүн иштетиле турган арифметикалык теңдеме деген этибарда карайт да, ашып кеткен тараптан чегерүү, азайып калган тарапка кошуп коюуга аракет кылат. Бирок, бул чечимдин адамдын өзүнө байланыштуулугуна каралбайт б.а. бул чечимде - анын экономикалык жактан кыйналып жаткан адамдын өзүнө байланыштуулугуна – көз жумулат. Мисалы, кирешелерди көбөйтүү үчүн эл аралык валюта фонду салыктар салууну талап кылат. Негизи, валюта фонду карыз мамлекеттердеги салыктар чыдоо мүмкүн болбогон эң соңку чегарага – эгер бул чегарадан өтүп кеткен болбосо – жеткенин жакшы билет. Валюта фонду карыздар мамлекеттердеги нарк кээ бир калктар көтөрө албай турган даражада бийик экендигин да билет. Ушуга карабастан, нан, сүт, күрүч, кумшекер, күйүүчү май сыяктуу күндөлүк зарыл болгон малдардан колдоп-кубаттоону алып таштоону талап кыла берет. Дагы бул фонд карыз мамлекеттердин экспортко жарактуу товарларды иштеп чыгаруу кубаты күчсүз экендигин да жакшы билет.

Ушуга карабастан, жергиликтүү валютанын кыйматын төмөндөтүүнү талап кыла берет. Натыйжада, нарктар дагы да көтөрүлөт жана жумушсуздук кең таркалат. Валюта фонду товар жана кызматтардын нарктары ашып жаткан бир учурда, эмгек акыларды тоңдуруп коюуну талап кылып эле калбастан, кээде сарп-каражаттарды азайтуу үчүн эмгек акыларды азайтууну да талап кылат. Мисалы, валюта фонду Бразилия өкмөтүнө ал муктаж болгон карыздарды берүү үчүн, бул өкмөттөн эмгек акыларын 20% өлчөмүндө азайтууну талап кылды. 1985-жылы декабрь айынын ортолорунда бул фонд Нигериядан өз валютасы кыйматын 60%ке азайтууну жана нефть продукцияларынан колдоп-кубаттоону алып таштоону талап кылды. 1986-жылдын баштарында Судандан колдоп-кубаттону бекер кылууну, жергиликтүү валюта кыйматын азайтууну жана бааны эркин коё берүүнү талап кылды. Жетимишинчи жылдардын ортолорунда Египеттен, 1984-жылдын баштарында Марокко жана Тунистен, 1984-жылы апрель жана 1985-жылы февралда Доминикадан, 1989-жылы апрелде Иорданиядан колдоп-кубаттоону азайтууну жана нарктарды ашырууну талап кылды. Натыйжада, бул нерсе мына ушул мамлекеттердеги калктын эл аралык валюта фондунун чечимдери өз желкелерине оор жүк болуп түшүп жатканына наразы болуп козголоң көтөрүшүнө алып келди.

Эл аралык валюта фонду тарабынан кылынган мындай адилетсиз иш-чаралардан көздөлгөн максат карыздарды бекер кылуу же жеңилдетүү эмес, тескерисинче, карыздар жадыбалын кайра карап чыгуу т.а. карыздарды төлөө мөөнөтүн бир аз кечиктирип, карыздарды дагы да көбөйтүү жана жаңы карыздар берип, дагы да карызга батыруу.

Адатта дүйнөлүк банктын ролу карыз берүү маселесинде валюта фондунун ролун дагы да өркүндөтүп берүүдөн турат. Т.а. эларалык валюта фонду, өзүнүн мыйзамына ылайык, алган карызын кайтарып берүү мөөнөтү келген мамлекеттерге дагы кайра карыз бере албайт. Адатта, бул карыз берүүлөр үчүн белгилүү бир долбоорлор иштелип чыгат. Ал эми дал ушул долбоордо мына ушул карыз мамлекеттердин өнүгүшүнө тосук коюу жана алардын экономикасын чет өлкө жардам каражаттарына күнкор кылып коюу болжолго алынган болот.

Эмнеси болгондо да, валюта фонду жана дүйнөлүк банк тарабынан алып барылган мындай саясат карыздар мамлекеттерди алар ойлогондой максаттарга алып барбады. Тескерисинче, валюта фондунун көрсөтмөсүнө ылайык чечүүнү болжогон бул мамлекеттердин карыздарлык проблемалары ашып-ташып, татаалдашып кетти.

Бузук чечимдер натыйжасында ушул мамлекеттерге жеткен экономикалык каргашалардын көлөмүн түшүнүп алуу үчүн, мен төмөндө алардын карыздарлыгы канчалык көлөмдө экенин көрсөтүп өтмөкчүмүн. Ушул бузук чечимдер болсо, эларалык валюта фонду, дүйнөлүк банк жана

адамдын табияты менен акылына тескери келүүчү түзүмдөр тарабынан сунуш кылынган:

Биринчи: Өнүгүп келе жаткан мамлекеттердин карызы.

Жалпы карыз 1972-жылы 91 миллиард доллар эле. 1986-жылы бул көлөм бир триллион доллардан ашып кетти. Бул карыздардын 22,4%и исламий өлкөлөрдүн желкесине түшкөн. Сексенинчи жылдардын аягында бул карыздардын 200 миллиардга жакыны араб өлкөлөрүнүн желкесине түштү.

Экинчи: Өнүгүп жаткан мамлекеттердин карыздарынын жылдык үстөк проценти 1972-жылы 7,3 миллиард доллардан 1986-жылдын аягында 95,8 миллиард долларга көтөрүлдү. Исламий өлкөлөрдүн карыздарынын проценти болсо 1972-жылдагы 1,56 миллиард доллар 1986-жылдын аягына барып 23,5 миллиардга жетти.

Үчүнчү: Карыздар араб мамлекеттеринин ичинен эң биринчи орунда Египет турат. Анын карыздары 1986-жылга барып 40 миллиард долларга жетти. Бул каражат 1980-1985-жылдары ратификация кылынган карыздарды түзөт. Бул карыздардын проценттери жана 1987-жылдын январынан 1988-жылдын июнуна чейин төлөнүшү кечигип кеткен бөлүктөрү он миллиард доллардан ашып кетти.

Төртүнчү: Иордания. Бул мамлекеттин келишимдеги карыздары жетимишинчи жылдардын экинчи жарымынан сексенинчи жылдардын баштары чейин чоң көрсөткүчтөргө секирип кетти. Бул карыздар 1972-1988-жылдардын аралыгында жүз эсеге ашып кетти жана 1988-жылдын аягындагы келишим боюнча алынган карыздар 12 миллиардга жетти. Алардын төлөнгөндөрүнөн тышкаркы нак каражат болсо беш миллиард долларга жакындашып калды жана 1989-жылдын аягына барып бул 8 миллиардга жетти. Анын үстөк проценти болсо 3 миллиард болду. Акыры барып, 1988-жылы октябрда Иордания өкмөтү динардын айырбаштоо курсун термелтип турууга о.э. коммерциялык банктарды керектүү чет элдик валюта менен камсыздоону токтотуп коюуга мажбур болду. Буга себеп, мамлекеттин бюджети төмөн даражага түшүп кетип, 1988-жылы четке чыгарыла турган валютасы 14%тен ашпай калды. Ошентип, импорт товарларга төлөнө турган каражат бюджетте эки аптага гана жеткидей калды. Натыйжада 1988-жылдын аягына барып, өкмөт тышкы карыздарын төлөөдөн бүтүндөй отуруп калды.

Бешинчи: Өнүгүп келе жаткан мамлекеттердин 1980-жылкы 28%ти түзүүчү ички продукциясына салыштырмалуу карыздары 1986-жылга барып 48%ке көбөйдү. Исламий өлкөлөрдүн ички продукцияга салыштырмалуу жалпы карызы болсо 1986-жылы 59%ти түздү. Алардын арасында биринчи орунду ээлеген Египеттин карызы 1982-жылы 89% жана 1986-жылы 74% ортосунда болду. Иорданияга келсек, анын ички продукциясы да аз болгондуктан, бардык карыздар мамлекеттерден өтүп кетти жана 1988-

жылы анын ички продукцияларга салыштырмалуу карызы 300%ке жакындашып калды.

Ушул айтып өтүлгөн айрым маалыматтардын өзү карыздарлык кризиси өтө тез күчөп кеткендигин ачык көрсөтүп турат. Карыздарлык кризиси, негизинен, Мексика өз карыздарынын процентин төлөй албай калып, бүтүндөй ойрон болгондон башталып, али да уланып келе жатат. Мунун себеби болсо, бүгүнкү дүйнөлүк экономикалык түзүм менен эл аралык банк жана валюта фондунун туура эмес чечимдери болуп эсептелет.

## МУСУЛМАНДАР ӨЛКӨЛӨРҮНДӨГҮ АЗЫРКЫ КАРЫЗДАРЛЫК КРИЗИСИНИН ТУУРА ЧЕЧИМИ ТӨМӨНДӨГҮЧӨ:

1 – Карыздардан туула турган үстөк проценттерди төлөбөө; Себеби, бул сүткордук. Алла Таала мындай деди.

﴿ وَإِن تُبۡتُمۡ فَلَكُمۡ رُءُوسُ أَمۡوَٰلِكُمۡ لَا تَظۡلِمُونَ وَلَا تُظۡلَمُونَ ﴾

***«Эгер тообо кылсаңар, дасмияңар өзүңөргө — залим да, мазлум да болбойсуңар».*** [2:279]

2 – Карыздарды процентисиз жабуу;

Шексиз, мындай карыздарлыктан кутулуунун туура жолу: анын жоопкерчилигин ушул өкүмдө катышкан жана мамлекеттин карыздарлык убагында башкаруу укугуна ээ болгон акимдер көтөрүүлөрү ылазым. Себеби, алар мамлекеттин карыздарлык доорунда байышты. Ошондуктан, ушул карыздар алардын шахсий байлыктарынан, байлыктарынын бири-бирине салыштырмалуу канчалыгына карап, күндөлүк муктаждыктагы малдарынан кармап калуу менен өндүрүп алынат. Мисал үчүн, биринин байлыгынын проценти бир миллион болсо, экинчисинин байлыгынын проценти жарым миллион, дагы бакшасыныкы миллиондун төрттөн бири жана ушул сыяктуу болушу мүмкүн. Мунун мааниси алар карыздарлыкты мына ушундай салыштырмалуу өлчөмдө көтөрүшөт: 1:2:4 ...

Эмне үчүн карыздардын жоопкерчилиги акимдерге түшүшүнө келсек, ал төмөндөгү себептерге ылайык:

а) Исламда акимдин жоопкерчилиги турмуштун бардык иштеринде, ушулар катары, экономикалык иштерде да жарандын иштерин башкаруу:

«كُلُّكُمْ رَاعٍ وَكُلُّكُمْ مَسْؤُولٌ عَنْ رَعِيَّتِهِ»

«**Ар бириңер жетекчисиңер жана ар бириңер өз карамагыңардагылардан жоопкерсиңер**».

б) Башкарууда турган аким эч кандай финансылык-соода иштери менен алектенбеши керек. Ага өзүнүн айлык маянасынан башка акча берилбейт. Эгер акимдик доорунда байып кетсе, ал ушул жаатта мухасаба кылынат (тергеп-тескелет). Негизи, бүгүнкү вакиъде бардык акимдер байып кетишкен. Халифа Умар ﵁ бирер валийси же масъулунун алып жаткан айлыгынан артыкча каражатын таап алса, мына ушул каражатты андан мусадара (конфискация) кылып алган, а эгер күмөн кылып калгыдай болсо, ага ант ичирген. Валий жана масъулдарды милдетине дайындоодон мурда жана кийин мал-мүлктөрүн эсептеп көрүп, эгер алардан күмөн кылса, касам ичтирип, артыкча мал таап алса, мусадара кылып, байтулмалга өткөрүп жиберген. Бул иш алардын шахсий мүлктөрүнө кол салуу болуп эсептелбейт. Себеби, алар бул мүлктү нашаръий жол менен табышты. Мисалы, киши аким болуп, акимдик убагында көзгө уруна турган даражада байып кетсе, ошонун өзү анын мүлкүнөн бир бөлүгүн мусадара кылуу үчүн жетиштүү хужжат болуп эсептелет. Себеби, ал бул байлыкты

нашаръий жол менен, башкача айтканда, маянасынан тышкаркы жол менен тапты. Акимдерден башка кызматкерлерге келсек, алардын байлыктарынан эч нерсе мусодара кылынбайт. Ал эми алардын да өз байлыктарын мамлекеттин казынасынан уурдашканы казы тарабынан анык далилдедисе, алардын да байлыктарынан мусодара кылынат. Жогоруда айтылгандай жол менен аким жана кызматкерлерден тартып алынган мал-мүлк байтулмалга мүлк кылып өткөрүлөт жана андан карыздарга төлөнөт.

в) Эч шек-күмөнсүз, карыз алып, адамдарды карызга батырып коюу Үммөткө зыян жеткирет. Расулулла ﷺ мындай деди:

«لاَ ضَرَرَ وَلاَ ضِرَارَ»

**«Зыян көрүү да болбосун, зыян жеткирүү да болбосун».**

Зыян көрүү дагы да уланып жатат. Демек, анын жоюу жоопкерчилиги ушул зыянга себепчи болгон шахстын мойнуна түшөт.

3 – Эч кандай жаңы карыз албоо. Себеби, чет элдик карыз аркылуу каражат менен камсыздоо – өлкөлөр үчүн эң коркунучтуу жол. Өткөн доордо карыз өлкөлөрдү колонизатор мамлекеттердин түздөн-түз колония кылып алуусуна васита болгон эле. Азыркы учунда болсо карыздар мамлекеттерге өз таасирлерин өткөрүү жана аларга каршы тил бириктирүү үчүн васита болуп турат. Адатта карыз берүүчү мамлекеттер карыздарды берүүдөн мурда, албетте, ошол карыз сурап жаткан мамлекеттердин экономикалык сырларын үйрөнүп чыгуу үчүн экономист адистерин жөнөтүп, карыздар сарптала турган долбоорлорду анык белгилеп алмайынча, карыз берилбейт. Бул карыз берүүчү мамлекеттер карыз алуучу мамлекеттерге белгилүү бир шарттарды мажбурий тыгыштыруу аркылуу ушундай бир долбоорлорду белгилеп беришет дейсиң, натыйжада, бул карыздар карыз алган мамлекеттерди жакырчылыкка батырып коёт, эч качан байытпайт. Буга далил, мисалы, Египет миллиарддаган карыздарды алган. Анын экономикалык абалы болсо өтө төмөн.

Мындан белгилүү болуп жаткандай, карыз алуу мамлекетти экономикалык өнүгүүгө алып барбайт, тескерисинче, аны карыз берген мамлекеттерге көзкаранды мамлекетке айлантып коёт.

Карыздар кандай абал болбосун коркунучтуу. Ал тургай, ал иштеп чыгаруу долбоорлоруна сарпталса да, ал баары бир коркунучтуу. Себеби, карыздар: же кыска мөөнөттүү карыз, же узак мөөнөттүү карыз болот. Эгер мамлекет кыска мөөнөттүү карыз алса, жергиликтүү валюта басып чыгарууга мажбур болуп, чие абалга түшүп калат. Себеби, алынган карыз жергиликтүү валютада эмес, балким чет элдик валютада төлөнөт. Көбүнчө, бул мамлекеттер өздөрүндө чет элдик валютанын жетишпестиги себептүү, карыздарын ошол валютада төлө албай калышат. Натыйжада, чет элдик валютаны кымбат баада сатып алууга мажбур болушат да, муну

менен өздөрүнүн жергиликтүү валютасынын курсу түшүп кетет… Мына ошондо эл аралык валюта фондуна кайрылышат. Эл аралык валюта фонду болсо бул мамлекеттердин экономикасы үстүнөн Америкага макул келе турган саясат боюнча өкүм чыгарат. Максат, дүйнө базарына Америка өкүмдар болсун. Кээде карыздар мамлекет карызын төлөө үчүн чет элге арзан наркта товар чыгарууга мажбур болот жана муну менен экономикалык зыян көрөт.

Эгер карыз узак мөөнөткө берилген болсо, ошол мамлекетте чоң көлөмдө каражат топтолуп калат да, мындан анын экономикалык балансына зыян жеткирүү, кийин карызды нак акча же товар менен төлөй албай калып, кыймылсыз мүлкү, жери, көбүнчө завод-фабрикасы менен төлөөгө мажбур кылуу көздөлгөн болот.

Ушул карыздардын натыйжасында келип чыгуучу коркунучтар качып кутулгус экендигинен тышкары, алар сүткордук дагы. Ошондуктан, мамлекеттерден карыз алуу эч кандай абалда шаръан дурус болбойт. Ушул орунда бир суроо туулат: Болуптур, биз карыздарлыктан кутулдук да дейли. Ошондон кийин каражат болбосо, кайра карыз албасак, кантип кайрадан экономикабызды өнүктүрө алабыз?

Ислам бул проблеманы төмөндөгү эки жол аркылуу чечип берди:

Биринчи: Айыл чарба, соода, өнөр жай жана алардын башка тармактар боюнча саламат экономикалык саясаттарды иштеп чыгуу.

Экинчи: Байтулмалга – анда бар болушу же болбошуна карабастан – зарыл болгон долбоорлорду түзүүнү важиб кылды.

Биринчи чечим туурасында бир аз тафсилаты менен кыскача баян кылып өтөбүз:

а) Айыл чарба:

1 – Азык-түлүк продукцияларын иштеп чыгарууну арттыруу.

2 – Пахта, жибек, кенеп жана жүн сыяктуу кийим-кече продукцияларын иштеп чыгарууну арттыруу.

3 – Дан сыяктуу азык-түлүк продукциялары, же пахта, жибек сыяктуу кийим-кече продукциялары, же цитрус жемиштер, курмалар сыяктуу мөмө-чөмөлөр болобу, айырмасыз, чет элде өз базарына ээ болгон продукцияларды иштеп чыгарууну ашыруу.

б) Соода:

Мусулмандардан жана зиммийлерден бажыкана салыктарын албоо. Балким, аларды эч кандай лицензиясыз экспорт жана импорт соодаларын кылууларына жол ачуу. Болгону, эки абалда гана соода кылуу тыйып коюлат:

Иш жүзүндө согуш абалында болгон мамлекет менен соода-сатык кылуу;

Үммөткө зыян келтире турган товарларды экспорт жана импорт кылуу.

Биз менен алардын ортосунда келишим түзүлгөн мамлекеттер менен болсо мына ушул келишимге ылайык соода-сатык кылынат. Биз менен

согуш алып барып жаткан мамлекеттер менен болсо (мисалы, Швеция биз менен согуш алып барып жаткан болсо) бул мамлекеттер өз товарларын алып кирүү үчүн бизден лицензия алууларына туура келет.

в) Өнөр жай:

1 – Өлкөбүздөгү табигый байлыктарды иштетүүдө, ичкериде аларды өнөр жайлаштырып пайдалануу жана чет элге экспорт кылууга олуттуу аракет кылуу.

2 – Аспап-жабдуулар өнөр жайын жаратууга көңүл буруу. Биз өзүбүздө иштеп чыгарылган аспап-жабдуулар аркылуу гана кошумча ишканаларды курушубуз мүмкүн. Эгер аспап-жабдуулар өзүбүздө иштеп чыгарылбаса, завод жана фабрикаларыбыз өнөр жайлашкан мамлекеттерге көзкаранды болуп калат. Мисалы, заводдо бирер жабдуу же этият тетиги иштен чыгып калса, тээ аны импорт кылып алганга чейин завод токтоп калат жана муну менен мээнет да, убакыт да, товар да текке кетет.

Эми экинчи чечимге т.а. зарыл болгон долбоорлорду жаратууга келсек, Ислам бул маселени төмөндөгүдөй чечип берди:

1 – Адамдарга пайда келтире турган таризде иштерди башкаруу сыяктуу байтулмалга важиб кылынган иштердин бардыгы ушул байтулмалдагы каражатка байланыштуу. Эгер каражат болсо, сарпталат, эгер жок болсо, сарпталбайт. Мындай иштерге талапты кандырып турган жана мавжуд болгондон тышкары кошумча жол, кошумча мектеп, кошумча оорукана куруу сыяктуу зарыл болбогон иштер кирет.

2 – Муктаждыкты кандыруу үчүн мавжуд болбогон жана курулушу зарыл эсептелген иштер, ушулар катары, оорукана, мектеп сыяктуу курулуштар жана долбоорлор – булар байтулмал менен мусулмандардын желкесиндеги важибдер. Себеби, булардын болбошу Үммөткө зыян. Бул курулуштарга байтулмалда каражат болсо, сарпталат. Эгер байтулмалда каражат жок болсо, бай-дөөлөттүү мусулмандардан салык катары жыйылат т.а. алардын негизги жана жогорку муктаждыктарынан ашкан, башкача айтканда, күндөлүк сарп-каражаттарынан арткан каражаттан мына ушул долбоор үчүн жетиштүү өлчөмдө алынат. Мындай каражат Куран жана Сүннөт нусустары талабына ылайык алынган каражат эсептелет. Себеби, Ислам мамлекеттин каалагандай салык жыйып алышына уруксат бербейт. Анткени, мусулмандар жана зиммийлер соода-сатыктарга бажыкана салыгын салуу сыяктуу адамдардын мүлкүн эч кандай далилсиз тартып алуу Расулулла ﷺ айткандай – арам жана чоң күнөө.

«لاَ يَدْخُلُ الْجَنَّةَ صَاحِبُ مَكْسٍ»

**«Макс жыюучу жаннатка кирбейт».**

Т.а. бажыкана салыгын жыюучу бейишке кирбейт.

«لاَ يَحِلُّ مَالُ امْرِئٍ مُسْلِمٍ إِلاَّ بِطِيبِ نَفْسِهِ»

**«Мусулман кишинин малын анын ыраазылыгысыз алуу адал эмес».**

Ал эми жогоруда айтканыбыздай, байтулмал жана мусулмандарга важып кылынган долбоорлорго, эгер байтулмалда каражат жок болсо, ушул долбоорго жетиштүү өлчөмдө мусулмандардан салык жыйоу арам эмес, адал. Себеби, шарият буга уруксат берди. Демек, бул каражатты берүү мусулмандарга фарз эсептелет. Мына ушул фарзды мусулмандардын ордуна өтөө үчүн алардан ушул каражатты жыйып жыйып алуу да важиб. Себеби, "важибди өтөө үчүн зарыл болгон нерсе да важиб" деген эреже мына ушундай иштерге да туура келет. О.э. жогоруда айтканыбыздай, аспап-жабдуулар иштеп чыгаруу сыяктуу өндүрүш долбоорлору да Үммөт үчүн зарыл эсептелип, анын жоктугу зыян алып келет. Себеби, алардын жоктугу өнөр жай жана курал-жарак маселесинде мусулмандарды кафирлерге күнкор кылып коёт. Бул болсо зыян:

«لاَ ضَرَرَ وَلاَ ضِرَارَ»

«**Зыян көрүү да, зыян жеткирүү да жок**».

Зыян жоюлат. Анын жоюлушу менен аспап-жабдуулар иштеп чыгаруу мусулмандарга фарзга айланып калат. Ошондуктан, мамлекет байтулмалда каражат бар же жоктугуна карабастан, мындай өнөр жайды жаратышы важиб.

Ушуну эстетип өтүү керек, байтулмал жана мусулмандарга важиб кылынган долбоорлор үчүн бай-дөөлөттүү мусулмандарга салына турган салыктар мына ушул амалий долбоорлорго жетиштүү өлчөмдөн ашып кетпеши жана туп-туура ушуга жетиштүү өлчөмдөгү каражат топтолушу лазым. Эгер сатып алынуучу нерсени (шашылыш түрдө) нак акчага сатып ала турган болсо, каражаттын бардыгы жыйылат. Ал эми, сатып алынуучу нерселердин акчасы кечиктирип бериле турган болсо, салыктар да ошол белгиленген өлчөмдө керектүү убагында бөлүп-бөлүп жыйып алынат. Бул жеңил шарттуу карыздар же долбоорлорго керектүү материалдарды насыя төлөмдө импорт кылууга окшойт. Себеби, Ислам товарлардын эки түрдүү наркы болушуна уруксат берди: 1. Дароо акча төлөнүүчү шашылыш нарк; 2. Насыя менен төлөнүүчү кечиктирилген нарк б.а. белгилүү бир мөөнөткө чейин карызга сатып алуу. Себеби, кечиктирип акча төлөнө турган соода "мусовама соода" бабына кирет. Шарият уруксат берген мындай соодада кардар мына ушул эки нарктын биринин үстүндө соодалашат. Себеби, Расулулла ﷺ Анас رضي الله عنه риваят кылган бир хадисте мусовама кылган. Али رضي الله عنه мындай деди: «**Ким эки нарк менен: бири шашылыш түрдө төлөнүүчү нарк, экинчиси күтүп туруучу нарк менен мусовама кылса, келишимден мурда ушул эки нарктын бирин айтып койсун**». Ал эми, бул туурасында соода болушу үчүн эки нарктын кайсынысы экендиги алдын ала белгилеп алынышы зарыл жана соода ушул нарк боюнча ишке ашат. Ал эми аспап-жабдулар ошол замат сатып

алынса да, бирок, сатып алуучунун эсебине анын баасы да, проценти да карыз кылып жазып коюлса – бул бүгүнкү күндө болуп жаткандай – сүткордук болот, бөлүп-бөлүп төлөнө турган насыя соода болбойт.

Ушул жерде, салык салуу маселесин ачыктап алышыбыз үчүн, төмөндөгү тафсилатка бир аз токтолуп өтүшүбүз лазым:

Исламда адамдардын мал-мүлкү корголот. Себеби, Расулулла ﷺ мал-мүлкүн коргоп өлгөн кишини шейиттин мартабасына көтөрдү. Бул малын коргоонун сообу өтө улуу экендигине далалат кылат. О.э. мусулман кишинин мал-мүлкүн анын уруксатысыз алуу адал эместигин айтты. Ошондуктан эч кимдин, хаким болобу, махкум болобу, бирөөнүн мүлкүнө – эгер бул мүлктө шаръан мүлккө ээ болуу себептери табылса – кол салуусу мүмкүн эмес.

Ушул себептүү мамлекет адамдардын мал-мүлкүнө каалаганча салык сала берүүсү дурус болбойт. Себеби, кол тийгис мүлккө салык салуу арам. Мусулман жана зиммийлердин соодаларына бажыкана салыктарын салуу да арам. Соода түйүндөрүнө коруктоо салыктарын салуу сыяктуу башка салыктар да адамдардын иштерин башкаруунун үстүнөн салык салуу эсептелип, булардын бардыгы арам болуп эсептелет. Себеби, шарият тарабынан берилген мүлккө ээ болуу себептери шахска өз мүлкүнө ээ болуу жана аны кол салуучулардан коргоо укугун берет. Мүлккө ээ болуу туурасында шарият Ээсинин уруксатын шарият Ээсинин Өзүнөн башка эч ким тартып ала албайт. Ошондуктан инсандардын мүлкүн салык катары алуу үчүн албетте шаръий нусус болушу лазым. Бул болгону бир гана абалда, "важибди өтөө үчүн зарыл болгон нерсе да важ" деген белгилүү шаръий коиданын алкагына кирген абалда болот. Эгер мусулмандарга ушуга окшош иш важиб болгону жана ушул важибди өтөөгө байтулмалдагы каражат жетпей жаткандыгы далилденсе, мындай абалда ушул важибди үммөттүн ордуна мамлекет мусулмандардын мал-мүлктөрү аркылуу аткаруу менен алектенет. Мына ушул долбоорго жетиштүү өлчөмдө аларга салык салат. Ушул салынган салыкты төлөө болсо бай-дөөлөттүү мусулмандарга фарз болуп калат. Себеби, Ислам важиб болгон сарп-каражат бай-дөөлөттү кишинин эсебинен алынышы лазым экендигин сахих нусустар менен баян кылды. Ошондуктан, салыктар да бай-дөөлөттүү кишиден алынат. Исламда бай-дөөлөттүү киши деп, күндөлүк муктаждыгынан артып кала турган мүлккө ээ киши айтылат.

Ошондуктан, Исламда салык салуу үчүн төмөндөгү эки шартка баш ийүү керек. Ошондо гана долбоорлорду ишке ашырууда аларга жетиштүү өлчөмдө салык салуу фарз болот:

1 – Курулушу керек болгон долбоор байтулмалга т.а. мамлекетке жана мусулмандарга важиб болушу о.э. бул важибдик шаръий нусус аркылуу далилденген болушу шарт. Мисал үчүн, башка мавжуд болбогон зарыл болгон жол, зарыл мектеп, зарыл оорукана же оор өнөр жай заводдорун

куруу сыяктуу. Себеби, аймактк мындай курулуштардын жоктугу Үммөт үчүн зыян. Бул болсо Расулулла ﷺдын:

«لاَ ضَرَرَ وَلاَ ضِرَارَ»

**«Зыян көрүү да, зыян жеткирүү да жок»,** деген хадисине тескери келет.

2 – Мындай иштерге сарптоого жете турган каражат мамлекеттин байтулмалында таптакыр жок болушу шарт. Мына ушул эки шарт табылбаган абалда, салык салуу мүмкүн эмес. Эгер иштерди башкарууга тиешелүү мамлекеттин гана милдети болгон кошумча оорукана куруу, кошумча жол ачуу сыяктуу талаптан тышкаркы долбоорлор болсо, мындай абалда мамлекет байтулмалдан – эгер анда каражат бар болсо – сарптайт. О.э. эгер долбоорду аткаруу мусулмандардын милдети болуп, буга байтулмалда да каражат болсо, байтулмалдан сарпталат жана салык жыйылбайт.

Жогорудагыдай, ушул жол менен эч кандай карыз жана салыктарсыз карыздарлыкка да, Үммөткө важиб болгон экономика жана иштеп чыгарууну өнүктүрүүгө да, абадандаштыруу иштерин кылуу үчүн да жетиштүү чечим табылат.

**Үчүнчү: Байлыкты бөлүштүрүүдөн келип чыккан экономикалык проблема.**

Жогоруда айтып өткөнүбүздөй, экономикалык финансылык кризистерди жана төлөмдөр балансындагы проблемаларды чечүү менен экономикалык проблема чечилип калбайт. Себеби, чечим арифметикалык теңдик гана эмес. Кээде импорттор жана төлөмдөр теңдеп алынса да, байлыкты бөлүштүрүү бузулушу мүмкүн. Мунун мааниси мындай, мисалы, иштеп чыгаруу кең жана алдыңкы болот. Ал эми товар жана кызматтар пайдасынын көпчүлүгү үммөттүн бай-дөөлөттүү катмарына кетип, кембагал кишилерге тийбей калат. О.э. кээде кризистер карыздарлыкка кошумча, жумушсуздук жана кембагалдыкты да алып келет. Себеби, бир гана карыздарлык проблемасынын чечими жумушсуздук жана кембагалдык проблемасын чечип бере албайт. Ал эми, Ислам мындай проблемаларды төмөндөгүчө толугу менен чечип берди:

1 – Жогоруда айтылган айыл чарба, соода жана өнөр жай тармагында экономикалык саясат жүргүзүп, Үммөткө важиб болгон долбоорлорду түзүүнүн натыйжасында жумушчу орундарын түзүү. Мындай долбоорлорго байтулмалдан сарпталат. Эгер анда каражат болбосо, бай-дөөлөттүү мусулмандардан жыйылган салык аркылуу аткарылат жана бул ар кандай абалда да мына ушундай долбоорлорду түзүү зарыл экендигине далалат кылат.

2 – Ислам мамлекеттеги ар бир шахстын негизги муктаждыктарын кандырууну кепилдейт. Бул муктаждыктар: азык-түлүк, кийим-кече,

өлкөдө курулушу адат болгон жөнөкөй үй-жайдан турат. Ислам ушул негизги муктаждыктарды төмөндөгүчө кепилдеди:

а) Эгер мына ушул негизги муктаждыктардын бирөөсү кандырылбай жаткан болсо, иштөөгө кудуреттүү эркектерге иштөө фарз кылынды.

б) Аял кишиге нафака кылынышы бүтүндөй фарз кылынды. Мында аялдын акча табууга кудуреттүү же кудуреттүү эместигинин айырмасы жок. Кембагал эркек кишиге да нафака кылынышы фарз кылынды. Анын иштөөгө кудуреттүү болбой, амалий ажиз болушу, же иштөөгө кудуреттүү болуп туруп, хукмий ажиз болушунун айырмасы жок. Мунун тафсилаты мындай:

Аялга нафака кылуу – эрине, жаш перзенттерге нафака кылуу – атага, ата-энеге нафака кылуу – перзенттерге, туугандарга нафака кылуу – жакын мураскор тууганга фарз кылынды жана булардын бардыгы ачык шаръий нусустарда келди.

Мамлекет ушул нафакаларды фарз кылынган кишилерден мажбурий жыйып алат жана муну башка бардык карыздардан мурун коёт. Себеби, нафака кылуунун өкүмү эң биринчи коюлат жана мында нафака кылуучунун төлөй албоо даабасы (төлөй албаймын дегени) кабыл алынбайт. Карызды төлөөнүн өкүмүндө болсо төлөй албоо даабасы кабыл алынат. Муну менен Исламда мамлекеттин бардык жарандарынын негизги муктаждыктары нафака кылуу аркылуу кепилденет. Ал эми эки абал мындан сырткары:

1) Эч кандай жакын мураскор тууганы жок болсо;
2) Нафака кылуу важиб болгон киши нафака кылууга алсыздык кылса.

Мындай абалдарда нафака кылуу байтулмалга т.а. мамлекетке өтөт.

«مَنْ تَرَكَ كَلاًّ فَإِلَيْنَا وَمَنْ تَرَكَ مَالاً فَلِوَرَثَتِهِ»

«**Ким каллаа калтырган болсо – биздин мойнубузда; ким мал калтырган болсо – мураскордун мойнунда**». "Каллаа" деп перзенттери да, атасы да жок киши айтылат.

Бул нафака, каражаттын бар же жок болушуна карабастан, байтулмалдын желкесинде. Себеби, бул иш байтулмалдын жана мусулмандардын милдети. Байтулмалдын милдети экендиги анык. Ал эми мусулмандардын милдети экендигине келсек, мунун далили:

«أَيُّمَا أَهْلُ عَرْصَةٍ أَصْبَحَ فِيهِمْ اِمْرُؤٌ جَائِعٌ فَقَدْ بَرِئَتْ مِنْهُمْ ذِمَّةُ اللَّهِ تَبَارَكَ وَتَعَالَى»

«**Кайсы бир бүлө таң аттырса, араларында ач адам болсо, Алла Табарока ва Таала андай бүлө калкы менен алаканы үзөт**», - деген хадис. Эгер байтулмалда каражат болбосо, салык жыйылат. Эгер мындай салык жыюуда коркунуч болсо, карыз алынат да, кийин төлөп коюлат. Ошондуктан, ар кандай абалда тең кембагалдардын муктаждыгына нафакадан төлөнөт, кийин зекеттен, кийин байтулмалдагы

башка кирешелерден, кийин бай-дөөлөттүү мусулмандардан жыйылган салыктан төлөнөт.

Нафака же салыктар бай-дөөлөттүү кишинин эсебинен т.а. мукаллаф кишинин негизги күндөлүк муктаждыктарынан жана жогорку муктаждыктарынан арткан каражатынан жыйылат. Мына ушундай жол менен жарандын негизги муктаждыктары кепилденет, арийне, жумушсуздук жана кембагалдык дабаланат.

Ушуну менен бирге, Ислам мамлекети бардык жарандардын коопсуздук, саламаттыкты сактоо, таалим жана башка негизги муктаждыктарын да ушул тууралуу келген шаръий нусустарга ылайык, жогоруда келтиргендей кепилдигине алат.

Ушуну да айтып өтүү керек, Исламда байтулмалдын кирешелери бай-дөөлөттүү мусулмандардан салык жыйбастан эле ушул муктаждыктарды каптоого көбүнчө жетиштүү болот. Шариятта ушул өкүмдөрдүн истинбат кылынгандыгы болсо, ар кандай мекенде жана ар кандай заманда болушу күтүлгөн ар кандай проблеманы чечүү үчүн. Эгер проблема пайда болсо жана байтулмалдын каражаты буга жетпесе, жетиштүү каражат бай-дөөлөттүү мусулмандардан жыйып алынат.

Бул нерсе дагы да ачык түшүнүлүшү үчүн, Исламий Халифалык мамлекетиндеги байтулмалдын туруктуу кирешелери жөнүндө кыскача айтып өтмөкчүмүн.

Байтулмалдын туруктуу кирешелери:

- Файдын (олжо) ар кандай түрү;
- Жизя;
- Хирож;
- Риказдын (таап алынган мал) бештен бири;
- Зекет;
- Мамлекетке тиешелүү мал-мүлк;
- Ислам жараны болбогон кафирлерден турган муахиддер жана аскерийлерден алына турган үшүрлөр;
- Умумий мүлктөн келип чыккан мал-мүлктөр;
- Мураскору жок кишилерден калган мурастар;
- Мамлекеттин кыянатчы акимдери жана чиновниктеринин мал-мүлктөрү;
- Шаръий болбогон жол менен табылган мал-мүлктөр;
- Жазана акчалары;
- Муртаддардын мал-мүлктөрү;
- Салыктар.

Жогорудагы пикирлерден, Ислам экономикалык кризисти кандай дабалашы, адамдарды – ал дүйнө турмушунан тышкары – бул дүйнөдө бак-таалайлуу кылышы белгилүү болду.

## ТЫЯНАК

- Экономикалык кризис – мамлекеттин финансылык иштерди башкарууда катуу тартипсиздикке учурашы. Бул тартипсиздикти оңдоо жана абалды туруктуу абалына кайтаруу үчүн катуу кайрат менен аракет кылуу зарыл болот.
- Финансылык кризис өзүнүн валюта резервине ээ мамлекеттин башка мамлекеттердин үстүнөн саясий жана экономикалык жактан өкүмдар болуп алуу максатында, алтынга айырбаштоо системасы боюнча мамиле кылуусунун натыйжасында садыр болот. О.э. финансылык кризиске мажбурий кагаз акча системасында да дуушар болунат. Себеби, ал валюталар курсунун туруксуздугуна, мамлекеттердин ортосунда күрөштөрдүн келип чыгышына жана финансылык фитналар уюштурулушуна жол ачып берет. Бул болсо саясий, экономикалык тынчсыздыкка жана финансылык базарлардын бузулушуна себеп болот.
- Финансылык кризисти дабалоо алтын акча системасына кайтуу менен болот. Бир гана алтын акча системасы валюта айырбаштоонун туруктуулугун жана экономикалык гүлдөп-өсүүнү камсыздай алат.
- Төлөмдөр балансынын бузулушунан келип чыккан кризис карыздарлыкка алып келет. Себеби, экономикалык өнүгүү өз алдынча жүргүзүлбөйт жана карыздар туура эмес сарпталат. Өзгөчө, мындай карыздар, эң биринчиден, башканын таасири астында калуу жагынан коркунучтуу болсо, экинчиден сүткордук. Сүткордук болсо арам.
- Эл аралык валюта фондуна кайрылуу проблеманы дагы да күчөтөт. Себеби, ал ушул проблеманы арифметикалык эсеп менен чечет да, салыктарды көтөрүүнү, валюта курсун төмөндөтүүнү, жалыйна жана маяналарды тоңдуруу же азайтууну, иштеп чыгаруудан колдоп-кубаттоону алып таштоону, бааларды кымбаттатууну талап кылат. О.э. берилген карыздар мамлекеттин байлыктары өсүп-өнүкпөй турган долбоорлорго сарпталат да, натыйжада, карыздар мамлекет кайра дагы жардамдар жана карыздарды алууну улантат. Анын программасы боюнча жүргөн мамлекетке болсо, эң жакшы болду дегенде, болгону берген карызынын мөөнөтүн созуп коёт, кечип жибербейт. Мына ушул жол менен ал мамлекетке дагы карыз алышын оңойлоштурат жана натыйжада анын карыздары көбөйгөндөн көбөйүп бара берип, аны төлөөнүн жолун таба албай калат. Бул фонд менен мамиле кылган бардык мамлекеттер мына ушундай абалда.
- Карыздарлык кризиси болсо – сүткордук болгондугу себептүү – анын проценттерин төлөбөө менен чечилет. Бул карыздарды төлөө ушул карыздарды алуу ишинде катышкан акимдерге жүктөлөт. Алар өзүнүн шахсий байлыктарынан төлөшөт. О.э. бул кризис эч качан жана эч кандай карыз албоо менен да чечилет. Буга кошумча, өлкөдө айыл чарба, өнөр жай, соода-сатык тармактарында саламат саясат алып баруу жана табигый байлыктардан кең пайдалануу менен чечилет. О.э. үммөткө важиб болгон

долбоорлор иштелип чыгып, алар – эң биринчи байтулмалдан, байтулмалдын каражаты жетпесе, бай-дөөлөттүү мусулмандардан салык жыюу менен – ишке ашырылат.

- Байлыкты жаман бөлүштүрүү же анын жетишпестигинин натыйжасында келип чыккан жумушсуздук жана кембагалдык иштөөгө кудуреттүү шахстарга мамлекет түзгөн долбоорлор аркылуу иш орундарын жаратып берүү менен чечилет. Эркектерге ишке кудуреттүү кишилер нафака кылат, аялдарга алардын махрам туугандары нафака кылат. Эгер ушул нафака кылуучулар жок болсо, аларды зарыл болгон муктаждыктары менен камсыздап турууну мамлекет өз мойнуна алат жана байтулмалдан берет. Эгер байтулмалда каражат жок болсо, бай-дөөлөттүү кишилерге салык салуу менен ишке ашырат.
- Исламий мамлекет үммөттүн жана анын ар бир шахсынын негизги муктаждыктарын кепилдейт. Шахстардын негизги муктаждыктары: тамак-аш, кийим-кече жана өлкөдө курулушу адат болгон жөнөкөй үй-жай сыяктуулар. Бүткүл үммөттүн негизги муктаждыктары: таалим берүү, саламаттыкты сактоо жана коопсуздук. Байтулмалда каражат бар болушу же жок болушуна карабастан, ар эки муктаждык албетте, кандырылат. Себеби, байтулмалда болбосо, салык аркылуу кандырылат.
- Байтулмалдын туруктуу кирешелери: согушта алына турган олжолор, фай, таап алынган кендин бештен бири, хирож, жизя, бардык түрдөгү умумий мүлктөр, мамлекеттин жери, курулуштары, экспорттору, үшүрлөр, кыянатчы аким жана чиновниктердин мал-мүлктөрү, нашаръий жол менен табылган мал-мүлк, мураскору жок кишилер калтырган мурастар, муртаддардын мал-мүлктөрү, садака, зекет жана салык акчалары. Бул мал-мүлктөр адатта мамлекеттин муктаждыктарына, өзгөчө, экономика көркөм көрүнүштө өнүктүрүлсө, жетиштүү болот.
- Алланын уруксаты менен жакында тикелене турган Халифалык мамлекети гана ар кандай экономикалык проблемаларды толук чече алат. Себеби, анда кожоюндук шарияттыкы, салтанат үммөттүкү болот. Анын жалгыз халифасы шаръий өкүмдөрдү табанний кылат. Бул халифага Алланын Китеби жана Расулунун сүннөтүнүн негизинде байъат берилет жана ал да, үммөт да Алланын көзөмөлү астында болушат. Мына ошндо турмуш Алла Субханахунун Өзү каалагандай тартип-интизамда болуп, бардык иштеринде гүлдөп-өсөт.

﴿وَلَيَنصُرَنَّ ٱللَّهُ مَن يَنصُرُهُۥٓۚ إِنَّ ٱللَّهَ لَقَوِيٌّ عَزِيزٌ﴾

***«Ким Аллага** (т.а. динге) **жардам берсе, Аллах да ага жардам берет. Шек-күмөнсүз Алла күчтүү, азиз».*** [22:40]

**Аалым Ато ибн Халил Абу Рушта**